9 «Максатыбыз өнүгүү долбоорун иштеп чыгуу»



11 Кийинки Стив Жобс бизден чыгат




# САРЕСЕП

saresep.kg

18-август, 2016-жыл
№32 (65)
Калыс көз караш!




# Жаттамага жан тарткан калыстар

8-бетте



## Дин коопсуздугун камсыздоо мектептерден башталды

6-бетте



## Көшөрүп-көгөргөн бийликтин кесепети

10-бетте



## Британдар колун неге жуушкан?

14-бетте

Саресеп гезитинин урматтуу абоненти жай айларында дарек которсоңуз 0773 38 26 25 телефонуна билдирип коюңуз!




# Айыл чарбадагылар ушунча сарпташат

Айыл-чарба министрлиги 2017-жыл үчүн кызматкерлеринин маянасына 845,2 млн. сом бөлдү. Көрсөтүлгөн сумма аталган министрликтин жалпы чыгашасынын 50 пайызын түзөт. Бул тууралуу Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинин пресс-кызматы билдирген.

Министрликте республикалык бүтжеттин каражаттары чыгымдардын экономикалык классификациялары боюнча төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн:

Министрликтин бардык чыгымдары (100%) 1 млрд. 711,2 миң сомду түзөт. Анын ичинде:

– Айлык маяна 845.2 млн. сом. 49,4%;

– Социалдык фондго 127,6 млн. сом. 7,4%;

– Кызматтык командировкаларга 22,4 млн. сом. 1,3%;

– Байланыш кызматтарына 8,8 млн. сом. 0,5%;

– Ижарага төлөөлөр 7,0 млн сом;

– Транспорттук кызматтарга 27,4 млн.. 1,6%;

– Майда-чүйдөлөргө (прочие услуги) 58 млн. сом. 3,4%;

– Медикамент сатып алууга 0,02 млн. сом. 0,001%

– Азык-түлүк сатып алууга (сүт) 0,8 млн. сом. 0,04%;

– Оңдоо иштерине 30,3 млн. сом. 1,8%;

– Чарбалык максатта айрым буюмдарды, материалды сатып алууга 52,7 млн. сом. 3%;

– Кайтаруу кызматтарына 20,3 млн. сом. 1,2%;

– Коммуналдык төлөмдөргө 180,3 млн. сом. 10,5%;

– Имарат, курулуштарга 258,6 млн. сом. 15,1%;

– Унаага жана шаймандарга 70 млн.сом. 4,1%ды түзөт.



# Көчмөндөр оюнуна белет баасы канча болот?

Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюнуна карата белеттер сатыла баштады. Бул тууралуу 16-августта оюндун секретариатынын пресс-кызматы билдирди.

Белеттерди Бишкек жана Ош шаарларындагы расмий түйүндөрдөн, ошондой эле «Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюну – 2016» аттуу атайын мобилдик тиркеме аркылуу сатып алсаңыздар болот.

Пресс-кызматтын айтымында белет баалары оюндун ачылыш күнү трибунадагы орундарга жараша 300 сомдон 3800 сомго чейин болот. Ал эми оюндун жабылышында 300 сомдон 2000 сомго чейин олку-солку болуусу күтүлөт.

Расмий түйүндөрдө белеттер сатып алуучунун өздүгүн тактаган документтердин негизинде сатылат.

Сатуучу-оператор персоналдуу маалыматтарды алгандан кийин аны маалыматтар базасына жүктөп, атайын шаймандын жардамы менен жаранды сүрөткө тартып алат. Ошондон кийин гана сатып алуучунун аты-жөнү, сүрөтү, паспорттук реквизиттери шифрленген QR-коду бар белетти беришет.

Ал эми Кырчын жайлоосундагы спорттук жана маданий-массалык оюндарды көрүү акысыз.



# Ипотека алуу үчүн маянаң 26 миң сом болушу керек

Мамлекеттик "Жеткиликтүү турак-жай" программасы менен үй сатып алууну көздөгөн кыргызстандыктардын айлык кирешеси 26-45 миң сомдун тегерегинде болууга тийиш. Мамлекеттик ипотека кызматынан пайдаланган бишкектиктер ай сайын 19 миң сомдон ашуун акча төгүп туруу үчүн үй-бүлөнүн жалпы кирешеси 46 миң сом болушу керек болсо, Ош шаарынан турак-жай алгандардын жалпы кирешеси айына 36 миң сом болууга тийиш. Ал эми Талас, Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Ош облусунда жашагандардын орточо кирешеси 28 миң сомдун айланасында болушу керек. Анткени, ипотекалык насыя берүүдө үй-бүлөнүн жалпы кирешеси жана чыгашасы да саналат.

Кыргыз өкмөтү "Жеткиликтүү турак-жай" программасын ишке ашыруу үчүн Мамлекеттик ипотекалык компаниясын түзгөн. Бул компания бюджеттик мекемелерде иштегендерге 10 жылдан ашык убакытка ипотекалык насыя берүү үчүн түзүлгөн. Коомчулукта мындай шарттар мамлекеттик кызматкерлерге ыңгайсыз деген пикирлер арбын.

Кыргыз өкмөтүнүн маалыматы боюнча, 2016-жылы Кыргызстанда орточо айлык акы 20,8 миң сом. Ал эми статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, быйылкы орточо айлык 12 848 сомду түздү.

Ипотекалык компания ишин баштагандан бери 89 кишиге мамлекеттик ипотека берилген. Жалпы насыянын көлөмү 85 млн сомду түзгөн.



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Ажо кайтпаска кадам таштайбы?

Өлкөнүн Конституциясынын жаңы долбоорун ким жаздырган жана ага ким жооп берет? Демилгечилери белгилүү. Алар «Биз демилге эле көтөргөнбүз» деп кутулушат. Мыйзам чыгаруу жана аны көзөмөлдөө эмне экенин билбеген эл өкүлдөрү жаздыра албайт. Кандай критерийлер менен даярдалып жатканы белгисиз. Аткаминерлер кесепети чыгып калса, жооп бербейт.

Ажобуз батамды бердим деген кара чүмбөт кийген аялзаты тартылган баннерге оңчул жана солчул, батышчыл жана социалист аналитиктердин баары каршы чыгышты. Белгилүү саясатчы жана интернеттеги күчтүү блогердин оозунан окшош пикир чыкты. «Эгер аялзаты өз ыктыяры менен чүмбөттөнүп алган болсо, демократиялык мамлекетте эч ким аларга эч нерсе дегенге укугу жок», – дешти. Бирок ал баннерлер кокту-колотко чейин илинди. Карапайым эл бул маселеде жик-жикке бөлүндү.

Учурда Конституциянын долбоору да сүрөөн топ менен өткөрүлгөнү жатат. Кошоматчылар көптөн бери укпаган «Ажобуз болбосо күнүбүз курумак» деген кепти тарата башташты. Акыркы жергиликтүү шайлоодо карапайым эл добушун дүңүнөн да, чекене да сатканы кээ бирлерди үмүттөндүргөн сыяктуу. Аттуу-баштуунун баары «Кой, 2020-жылга чейин тийбейли» деп атышат. Кайра модага айланган «сатылгансыңарды» алардын оозуна тыга салып жатабыз. Ажо Баш мыйзамды өзгөртүүнү дагы эле колдой берсе, буга чейин кылганы таразаны эптеп теңдеп турган болсо, бул кайтпаска кадам шилтөөсү таразаны биротоло оодурчудай болуп турат. Терс тарапка.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Мыйзамсыз ташылган товарларга тыюу салууну күчөтүү тапшырылды

Өкмөт башчы Сооронбай Жээнбеков Өкмөткө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызмат төрагасы Айбек Кадыралиевди кабыл алды.

Ал Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматтын токтоосуз чечимдерди талап кылган милдеттери жана пландары тууралуу маалымат берди.

Өкмөт башчы белгилегендей, ведомствонун жаңы жетекчилиги алдында өлкөнүн укук коргоо органдарынын тутумун реформалоого байланышкан милдеттер турат.

Ал калктын экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматка ишеним деңгээлин жогорулатуу зарылдыгын баса белгилеп, негизги милдеттердин бири катары өлкөгө тартылган инвестицияларды коргоо эсептелиши зарылдыгын билдирди.

«Экономикалык кылмыштарга каршы күрөш жүргүзүү үчүн мамкызматтын жетекчилигинин жана кызматкерлеринин эрки жана ишке болгон ак ниеттүү мамилеси керек. Натыйжада, калктын аталган органга карата ишеними жогорулайт», – деп белгиледи Премьер-министр. Бул максатта кадрдык саясатты кайрадан карап чыгуу жана ведомствонун жеке курамынын тартибин күчтөндүрүү талап кылынат.

Премьер-министр ошондой эле республиканын аймагына күйүүчү-майлоочу майлардын жана күнүмдүк керектелүүчү товарлардын мыйзамсыз ташылып кирилишине тыюу салуу жана аны аныктоо боюнча ишти күчтөндүрүү тапшырмасын берди.




Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Тел.: (0312) 68 07 34, (0702) 00 45 71
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 68-07-34, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6000**
**Буйрутма № 1823**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Айтышпайм деген акындар да айтышат

**“Кырчын” жайлоосунда өтө турган 10-Эл аралык төкмө акындар айтышынын тандоо туру нааразычылык менен коштолду. Кыргыздын көзгө басар акындарынын бири Жеңишбек Жумакадыр тандоо турунан өтпөй калганын көрүүчүлөр калыстыктан алыс деп баалашты. Ал эле эмес акыркы орундарга илинген Аалы Туткучев “Менден мыктылар өтпөй, менин өткөнүм туура эмес” деп айтыштан баш тартты. Айтыш коомунун тең төрагасы Мирлан Самыйкожого “Эл арасында төбөсү көрүнүп калган аттуу-баштуу акындарды тандоо туруна чакырбай эле, негизги айтышка чакырса болбойбу? Кичүү муун келиш үчүн сөзсүз улуу муун жол бошотуп бериш керекпи?” деген суроону салып көрдүк.**



– Буга чейин республикалык айтыштарда эл аралык айтыштардан байге алып жүргөндөрдү тандоо турларга катыштырбай эле чыгарчубуз. Бирок анда да айтып чыгышкан. Эмнеге алар тандоодон өтпөйт, эмнеге эле дайыма 5-6 акын чыга берет дешкен. Анан биз Эл аралык айтыш болуп атпкандан кийин, баары бирдей тандоо турунан өтсүн десек, эми кайра “Эмнеге күчтүү акындар тандоо турунан өтүшү керек, өтпөсө деле болбойбу?” дешет. Кимди угуп, кайсы пикирди кармаарыбызды да билбей калдык. Мен алып баруучу жана “Айтыш” коомдук фондунун тең төрагасы катары айтсам, кечээги айтышта атайын кичүүлөрдү чыгарыш үчүн улуулардын упайын азайтып койгон эч ким болгон жок. Талаш майда-барат нерседен эле тутанып кетти. Кандай болсо да калыстардын пикирин сыйлашыбыз керек. Жөн эле болбогон нерсени интрига кыла берсе, аягы чууга айланып кетет. Окуянын позитивдүү жагын караганды үйрөнөлүүчү. Ар кандай постторго пикир жазгандар, бир жакыны менен ватсап аркылуу сүйлөшүп жаткандай эле ойлонуп атышат. Бирок ал жерден казагы окуп атат, дагы башкасы окуп атат. Алар эмне деп ойлошорун билбейм. Башында 8 акын тандалган, кийин кайра элдин пикирин эске алуу менен 12 акын кылдык. Ошол 12 акынды биз “Кырчын” жайлоосунан күтөбүз. “Барбайм” деп чыккан акындар барат. Барбай койбойт. Анткени алар элди, намысты ойлогон кишилер.

# Патрулдук милиция француз машинасын айдайт

**Жаңыдан түзүлгөн патрулдук милицияга унаа алып бериш бир аз кыйынга турду окшойт. Буга чейин тендер жарыяланып, орустун “Ладасы” алынат деп турганда коомчулук тараптан нааразычылыктар күчөп, иш соңуна чыкпай токтогон эле. Экинчи тендердин жыйынтыгы менен гана патрулдук милицияларыбызга “Renault Logan” үлгүсүндөгү француз машинасы алынмак болду. Бул тууралуу кененирээк билүү үчүн Патрулдук милиция башкы башкармалыгынын маалымат катчысы Тилек Оторовго кайрылдык:**



– Биринчи тендерибизди туура эмес талаптар жазылып калганына байланыштуу токтоткон элек. Ал жерде талап коюлуп жатканда ““Лада” үлгүсүндөгү унаадай болушу керек” деген сөздөн техникалык ката кетип калган. Андан кийин ал тендер токтотулуп, экинчи ирет жарыяланган. Анын шарты боюнча алына турган машиналардын кыймылдаткыч көлөмү 1,6 куб, жылы 2016 болушу керек. Тендерге катышууга беш талапкер өздөрүнүн унааларын сунуштады. Соңунда калыстар бардык иш кагаздары, талаптары туура келген ОсОО “Азия моторс” чакан ишканасын тендердин жеңүүчүсү деп тапты. Машина алууга бүтжеттен 36 миллион сом бөлүнгөн. Азыркы учурда бул суммага 65 авто унаа алынганы турат. Сатып алына турган “Renault Logan” унаасы Орусияда чогултулат. Айтылуу автоунаа өлкөбүздүн унаа жетишпеген аймактарына таратылат. Буга чейин патрулдук милициялар үчүн “Renault Logan” унаасы колдонулган эмес. Тендерди жеңип алган ОсОО “Азиямоторс” ишканасы Кыргызстандагы эле чакан мекеме. Бирок, азырынча унаалардын баасы так белгилене элек. Мындай тендер менен машина алуу патрулдук милициянын ишин жакшыртып, жарандарыбыздын коопсуздугун камсыздоо максатын көздөйт.

# Саясий күрөштө бийлик ийгиликке жетти



**“Ата-Мекен” партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев ЖМКларга “Темир Сариевди Канат Исаев менен Алмазбек Атамбаев экөө сүйлөшүп кетирген” деп билдирди. Өлкө башчы менен депутаттын ортосунда ушундай сүйлөшүү жүрүшү мүмкүнбү? Чиркешовичтин айтканы канчалык деңгээлде чындык деп саясат таануучу Гулжигит Исаковго кайрылдык:**

– Атамбаев өзүнүн бийлигин сактап калыш үчүн башынан бери (2010-жылдан бери) башка фракциялардын адамдарды чекеден кызматтарга дайындады же дайындаттырды. Мисалы, Келдибековду спикер кылды. Текебаев сунуштаган Оторбаевди, андан башка Бабановду, Сатыбалдиевди жана Сариевди өкмөт башчылыгына алып келишти. Мындайча айтканда баардык амбициялары бар, баш көтөргөндөрдүн баарын бийликке коюп көрүштү. Беркилердин сунушу менен койгон адамдарды “иштей албай койду” деп, же ар кандай саясий интригалар менен жумуштан алышты. Мына эми өзүнүн кишилерин коюп жатат. Өлкө башчы 2017-жыл жакындап калгандыктан өз кишилерин бекитти. Элге жана мамлекетке пайда келтирген жагын айта албайм, бирок саясий күрөш жагынан бийлик ийгиликке жетти. Маанилүү, орчундуу жерлерге өз адамдарын койду. Ал эми моралдык жактан, юридикалык жактан бул туура эмес. Бийликти жалаң эле бир партиянын адамдары ээлеп алды. Ар кайсы мамлекеттик органдарга да өз адамдарын коюшкан. Бул жакта ар кандай саясий оюндар жүрүүдө. Сариевдин дагы президентик шайлоого катышам деген амбициясы бар болчу, бирок аны интрига менен рейтингин түшүрүп коюшту! Муну күч менен алып койсо кандайдыр бир өчөшүү пайда болмок. А булар митаамдык менен “өзүңөрдөн көргүлө” дегендей кылды. Башкача айтканда, “тыкылдаган эчкини суу кечкенде көрөбүз” дегендей, 2010-жылдан баштап амбициясы барларды бир сыйрадан амбицияларын канааттандырып “суу кечирип көрүштү” да. Эми азыр алардын дагы сөзү кыска болуп калды. Анткени кандайдыр бир деңгээлде колдоруна мүмкүнчүлүк берилди жана алар бул мүмкүнчүлүктү жеке кызыкчылыгына пайдаланып калган жактары бар.

# Эл уу жуткурган айтыштын чыныгы саясатына күбө болду

**15-август күнү Токтоболот Абдымомунов атындагы кыргыз драма театрында төкмө акындарды тандоо туру болуп өткөн. Бирок, ал нааразычылыктар менен коштолуп, “Калыстар туура эмес кылды” дегендер көп болду. Ушундан улам калыстарга каршы пикир айтып чыккан төкмө акын Аалы Туткучевге кайрылганыбызда ал төмөнкү жоопту узатты:**



– Нааразычылык жеке меники эмес, канчалаган жаш акын балдардын нааразычылыктары. Биз балдар менен кеңешип, жыйынтыгын элге жеткирдим. Ал жерде ынтымакты кетирип “Бул мунун, тигил тигинин шакирти” деген бөлүнүүгө барышты. Элге жакшы ырлары, ойлору менен таанымал Баян Акматов, Идирис Айтыбаев, Жылдызбек Төрөканов жана кытайлык кыргыздардан Мамбет Орозов бар. Булардын баары төмөн, башкалар жогору упай алышты. Кыргыз-казактын айтышында намыска жарап бере турган Жеңишбек акын да артта калганы өкүнүчтүү. Калыстык болгон жок. Акыйкатты азыр айтпасам, качан айтам?! Эч кимден сурабай эле “Биз булар менен макулдаштык, макул болушту” деп “Азаттыктан” сайрап жатышат. Бул элди алдоо. Калыска даражалуу, салмактуу кишилерди коюп, кайра өткөрсө баарыбыз катышабыз. Биз көчмөндөр оюнунда кыргыз намысын коргойлу деп айтыштык. Биз барбай койсок айтыш өтпөйт дегенден алыспыз. Кээ бирөөлөр “Чоң тойдун алдында унчукпай, уу жутуп коюшса болмок” деши мүмкүн. Биз уу жутуп келдик. Жута берген уунун ачуусу кечээ күнү сыртка чыкты. Эл алдында оздон чыкты, кайра барып аркамдан сөз ээрчиткем келбейт.

Абдылда Нуралиев деген киши динге асылып: “Сен өлсөң кыргыздар менен эмес араптар менен көмүлөсүң. Кыздарга жоолук салып атасыңар. Куранда комуз менен ырдаганга болбойт”, – деди. Куранда комуз жөнүндө жазуу жок. Элдин баары “Чыгып кет, токтот” деп аны сахнадан кууду. Ал 42, сонун ырдаган Жылдызбек Төрөканов 41 упай алды. Атактуу эл акыны Анатай Өмүрканов калыстар тобуна “Мындай айтышка экинчи мени чакырбагыла” деп кетип калды. Айтыштын төрагасы Кадыркулдун пикирин чыгарышкан жок. Ырыспай Исаковду угушкан жок. Журналист Зайырбек Ажыматов менен шакирти “Азаттык” радиосуна барып алып кайра-кайра бир тараптуу маалымат берип жатат. Ушул сөздү сахнага чыгып айтышса болмок. Эл тоссо болбой качып кетишти. Эми олтуруп алып ар кайсыны жазып жатканы жигитчилик эмес. Көчмөндөр оюнун кырктан ашык өлкөдөн эл келип көрөт. Казак-кыргыздын эл аралык айтышынын деңгээли да ошондой болушу керек. Койсо атактуу, калыс адамдардан койбойбу.

# Экономикс

Экономика түрдүү иш менен алектенген миллиондогон адамдан турат. Алар алышат, сатышат, иштешет, жалдашат, өндүрүшөт ж.б.у.с.. Анын кантип иштеп жатканын көрүү үчүн ой жүгүртүүбүздү жөнөкөйлөштүрүү керек. Башкача айтканда, бизге экономиканын түзүлүшү жана анын катышуучуларынын өз ара алакасын чагылдырган үлгү керек

*(уландысы, башы мурунку санда)*




2.1–сүрөт. Агымдардын айлануу схемасы

## Биринчи үлгү – агымдардын айлануу схемасы: Китеп окуган адам өзүн кымбат сатат

2.1–сүрөттө экономикадагы агымдардын айлануу диаграммасы деп аталган үлгү чагылдырылган. Ал экономикадагы субъекттердин фирмалар жана үй чарбачылыктары деген чечим кабыл алган эки түрү бар деген божомолго жараша түзүлгөн. Фирмалар эмгек, жер жана капитал ресурстарын колдонуп, товар жана кызмат өндүрөт. Бул ресурстар өндүрүш факторлору деп аталат. Үй чарбалар өндүрүш факторлорунун ээси, алар фирмалар өндүргөн товар менен кызматтарды колдонот. Бул китепти окуп аткан ар бир адам эмгек деген өндүрүм факторунун ээси. Сиз пайдалуу китеп окуганда бул фактордун баасы жогорулагандан жогорулап кете берет. Кийин ар бир саатыңызды учурдагыдан кымбат сата аласыз.

## Бири-бирин байыткан эки базар

Агымдардын айлануу схемасы – үй чарбалар менен фирмалардын ортосундагы базар тарабынан орто баасы бычылган агымдарды чагылдырган экономика модели.

Үй чарбалар менен фирмалар эки негизги базарда алака кылышат. Товар жана кызмат базарында үй чарбачылыктар сатып алуучу, фирмалар сатуучу болот. Өндүрүм факторлор базарында болсо үй чарбалар сатуучу, фирмалар товар жана кызмат өндүрүү үчүн өндүрүм факторлорун сатып алуучу болушат.

Агымдардын айлануу схемасында үй чарбалары менен фирмалар ортосунда экономикада ишке ашкан бардык бүтүмдөрдүн эң жөнөкөй ыкмасы чагылдырылган.

Экономика – өлкө же аймакта сатуу-алуу же башка транзакциялар аркылуу ишке ашкан бүтүмдөр.

## Аккан сууда арам жок

Схеманын ички жебелери үй чарбалар менен фирмалардын ортосунда өткөн товар менен кызматтардын багыттарын көрсөтүп турат. Үй чарбалар өндүрүм факторлор базарында фирмаларга эмгек, жер жана капитал сатышат. Фирмалар аларды товар жана кызмат өндүрүү үчүн сатып алып, өндүрүлгөн товар менен кызматын базарда үй чарбаларына сатат. Ошентип өндүрүм факторлору үй чарбачылыктарынан фирмаларга, товар менен кызматтар үй чарбаларына «ага» баштайт. Биз билгендей дайыма агып турган нерседе арам калбайт.

## Акча акыры өз акырына кайтат

Сырткы жебелер болсо акча каражаттарынын агымын чагылдырып турат. Үй чарбалары акча каражаттарын фирмалардан товар жана кызматтарды сатып алуу үчүн колдонушат. Фирмалар түшкөн кирешесинин бир бөлүгүн өндүрүм факторлорун сатып алууга, мисалы, кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөгө коротот. Калганы фирманын ээлеринин кирешеси болуп эсептелет. Алар ошол эле убакта үй чарбаларынын мүчөсү экенин унутпайлы. Ошентип товар менен кызмат сатып алууга сарпталган акча каражаттары үй чарбаларынан фирмаларга өтөт. Маяна, ижара төлөмдөрү жана киреше сыяктуу акча каражаттары фирмалардан үй чарбаларына кирет.

## Кара-Кулжанын кымызына кеткен 100 сомдук

Экономиканын башынан аягына чейин 100 сомдуктун басып өткөн жолун карап чыгалы. Башында бул 100 сомдук сиздин үй чарбаңызда, капчыгыңызда турат дейли. Кымыз ичкиңиз келип 100 сомуңузду товар жана кызмат сунган базарга жумшаганы жөнөдүңүз. Эң жакынкы кымызканага барып, бир чоң кесеге Кара-Кулжанын кымызынан куйдуруп тартып жибердиңиз. Кыргыз кымыздан 100 сом аямак беле, кымызкананын ээсине кармата салып чыгып кеттиңиз. Ал кымызкананын кассасына түшкөндө, кымызканачынын кирешеси болуп калат. Бирок 100 сомдук анын кассасында түнөп калбайт. Кожоюн аны керектеп жаткан өндүрүм факторлорунун бирине пайдаланып жиберет. Мисалы, имараттын кожоюнуна ижарага карматат, же кызматкеринин маянасын бере салат. 100 сомдук акыры белгилүү бир үй чарбасынын кирешеси катары бирөөнүн капчыгына солонот. Эртеси күнү «сиздин» жүз сомуңуз сапарын кайра улантат.

## Агымдардын айлануу схемасы экономиканын башка тармактарында

2.1–сүрөттө көрсөтүлгөн агымдардын айлануу схемасы эң жөнөкөй экономикалык моделдердин бири. Ал жөнөкөйлүгүнөн улам экономиканын иштөө пайдубалын түзгөн кээ бир негизги идеяларды сүрөттөө үчүн пайдалуу. Ал башка максаттар үчүн зарыл болгон деталдарга ээ болбошу мүмкүн. Максатка жараша мындан татаалыраак жана турмушка жакыныраак моделдерди иштеп чыкса болот. Мисалы, экономиканын үй чарбачылыктар менен фирмаларга тиешелүү тарабын чагылдыруу үчүн кереги жок мамлекеттин кирешеси менен чыгымдарын, эл аралык соода сыяктуу факторлорду киргизсе болот. Агымдардын айлануу схемасы жөнөкөйлүгү жана түшүнүктүүлүгүнөн экономиканын түрдүү элементтеринин биргелешип иштеши үчүн кеңири колдонулуп келет.

*(уландысы кийинки сандарда)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен



# Маркумдардын тагдыры: Көрүстөн иштетилиши керекпи?

Ар бир башта бир өлүм дегендей, эртеби-кечпи акыры ажал менен арбашар убак жетип келери бышык. Чыккан жан эмне болоорун адам динине, ишенимине жараша талдап келген дечи. Бирок убакыт өткөн сайын сөөктү кандай кылабыз деген суроо адамзаттын талуу көйгөйүнө айланып бараткандай



XVIII–XIX кылымдардагы өнөрдүрүш революциясы айылдагы элди шаарга түрттү. Жетишкен турмушка умтулган карапайым адамдардын агымы бүгүнкү күнгө чейин басыла элек. Шаарлар кеңейип, адам көбөйдү. Аны менен кошо көрүстөндөрдүн аянты да барган сайын чоюла берди. Шаарда жер участкалары тартыш боло баштады.

## "Көрүстөн маданий мурас"

Натыйжада, жер тартыштыгы элди аргасыз абалга байлады. Эски көрүстөндөр алынып, ордуна массалык түрдө турак-жайлар пайда боло баштады. Көрүстөн жөнүндө атайын мыйзам жок болгондон кийин, сатып алган адам жерди кандай кааласа ошондой колдонору бышык. Анын үстүнө жерди үлүшкө алган адам бир кылым мурун ал аймакта мүрзө болгонун, казуу иштеринде кимдир бирөөнүн сөөгү чыгарын билбеген да чыгар.

Жакында Жогорку Кеңеште дал ушул маселе кызуу талкууланды. Анда айрым депутаттар эски көрүстөндөрдү маданий мурас катары сактап калуу сунушун көтөрүп чыкты. Алардын бири КСДПдан депутат болуп келген Ильхом Маннанов көрүстөндү коргогон мыйзам жазып, коомдук талкууга койду. Маннанов мүрзөлөрдү казуу маркумду мазактоого барабар экенин айтып, ал сөзсүз корголушу керек экенин кошумчалады.

– Азыр айрым жер үлүштөрү мурун көрүстөн болгон. Ал жерлер казылып, ордуна турак жай курулуп жатат. Сөөк жок болуп кетсе бир жөн. Бирок чыгып атат. Эски көрүстөндөрдү массалык түрдө жок кылуу, ордуна үй куруу түздөн-түз маркумдарды мазактоого жатат. Ошондуктан жер кодексине өзгөртүү киргизилсин, байыркы мүрзөнүн үстүнө курулуш иштери тыюу салынып, жеке менчикке берилбесин деген мыйзам жазып коомдун талкуусуна коюп жатам.

## Толгон мүрзө жабылсын

Бишкек мэриясынын алдындагы аза күтүү агенттигине Бишкектеги ири делген 6 көрүстөн таандык. Бүгүн алардын дээрлик жарымы толуп калган. Адистер толгон мүрзө сөзсүз түрдө жабылышы керек экенин айтышат. Анткени бир нече кылымдан соң сөөк жок болуп кетсе, ордун иштетүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөрүн белгилешет. Бирок аталган агенттиктин башкы инженери Байсеитов Эрнис толгон көрүстөн жабылбай эле, кеңейтиле бергенин айтат. Анын маалыматында 63 гектарды түзгөн түндүк – батыш көрүстөнү чоюлуп отуруп, 300 гектарга жетип калган.

– Көрүстөндөрдүн аянты барган сайын кеңейип барат. Мисалы, Чоң-Арыктагы түндүк-батыш көрүстөнүндө орун калбай калды. Болбой эле коюлуп атат. Дордойдогу көрүстөндө да ошондой көрүнүш. Айыл аймактардан келген эл отурукташып калып атпайбы. Сөөктү ата-конушуна алып барып жайлаганга жакындарынын алы келбей жатат. Анткени алыскы жол көп чыгымга учуратат. Азыр мэриянын токтомуна ылайык, Аламедин районуна 44 гектар жаңы көрүстөн ачылып жатат. Жолдору оңдолуп тегереги курчалып калды. Суу, электр энергия киргизилди. Жалпылай 5 көрүстөндүн аянты 700 гектарга жакын.

## Секонд хенд көрүстөндөр

Бул маселе Бишкек шаарына эле таандык болбосо, азырынча аймактарда мындай көйгөй жарала элек. Бирок калкы жыш жайгашкан Европа, Араб өлкөлөрү дагы убагында ушул өңдүү көйгөй пайда болорун күткөн эмес. Азыр болсо аталган өлкөлөр маселени динине жана каада-салтына ылайык чечип алган. Мисалы, Германияда бир эле көрүстөндү бир нече ирет колдонууга болот. Грецияда болсо, көп кабаттуу көрүстөндөр иштетилет. Ал эми Англия шотландиялык окумуштуу Сенди Селивандын ойлоп табуусу менен сөөктү табигый эмес, жасалма жол менен чиритүүнү колдонгону турат.

## Шариат иштетүүгө жол берет

Атайы изилдөөлөрдүн негизинде бир нече жылдан кийин калган көрүстөндөр да толушу мүмкүн. Бул кийинки жылдары маркумдарга жаңы жай издөө керектигинен кабар берет. Ал эми шариатта сөөк жок болуп кеткенден кийин ордун иштетүүгө уруксат берилген. Ошондуктан айрым мусулман өлкөлөрүндө сөөк жок болгон соң ордун иштетүү процесси кадимки көрүнүшкө айланган. Муфтияттын фатва бөлүмүнүн адиси Токтогазы уулу Бахтиярдын айтымында, мурдагы көрүстөндү кайра иштетүүдө бир нече тоскоолдуктар бар. Мисалы, бир эле көрүстөндө 70 жыл мурда коюлган сөөк менен кошо кечээ күнү эле коюлган сөөктөр бар болушу мүмкүн.

– Шариатта көмүлгөндөн кийин сөөк канча жылда жок болуп кетет ошого жараша иш кылынат. Мисалы, 40-50 жылда көмүлгөн сөөк жок болуп кетсе, анда ал жерди иштетүүгө шарият жол берет. А эгер сөөк ошол бойдон калса, ага тийүүгө болбойт. Анын жок болуп кетүүсү жер шартына, климатка жараша болот. Мисалы нымдуу климат болсо, балким тезирээк жок болуп, топуракка айланып кетет.

Мүрзөнү башка максатта колдонууга бут тоскон кийинки маселе болсо, кабат-кабат күмбөздөр. Адистер бекем материалдан курулган күмбөз сөөктөн да узак турушу мүмкүн экенин айтышат. Ал эми Бахтиярдын айтымында, күмбөз орнотуу жараяны мусулман дининде туура келбейт. "Шариатта сөөктүн ордун белгилей турган таш же башка бир нерсе койсо болот. Өтө ысырапкерчиликтин кереги жок. Сыйлайм, урматтайм деген адамды тирүү кезинде сый көрсөтүш керек. Адам бул жалганда түбөлүктүү эмес, каза болгондон кийин жаны кетип сөөгү калат. Сөөк болсо кайра эле топуракка айланат", – деген Бахтияр мырза көзү өткөн адамга кымбат баалуу мрамор таш койдуруу эч нерсеге татыбаарын да кошумчалады.

## Айыл сымал күмбөздөр

Күмбөз демекчи, айрым мүрзөлөрдүн көрүнүшү алыстан адам жашаган айылдай эле элес калтырат. Маркумдун урматына күмбөз орнотуу бир кездерде эл арасында мода да болуп кеткен. Тарыхчылар болсо илгери кыргыздар аброю бийик, эмгеги сиңген адамдарга гана күмбөз тургузуп келсе, кийин бул иш атаандаштыкка өтүп кеткенин байкашкан. Тарых илимдеринин доценти Роза Абдыкулова көрүстөн жайгашкан жерди иштетүү кыргыздын каада-салтына туура келбегенин айтат. Ал белгилегендей, өлкөбүздө байыркы күмбөздөргө сыйынып келгендер да арбын.

– Кээ бир аймактарда кабат-кабат күмбөз тургузуп атканына мен каршымын. Аябай эле коозлоп салышкандыктан, өзүнчө эле өлүктөрдүн айылындай болуп кеткен. Бирок ошол күмбөздөрдүн үстүнө үй салууга дагы кошула бербейм. Анткени, Кыргызстанда жер андай деле тартыш эмес. Муктаждыктан улам пайда болгон абал бизде азырынча жок. Ар бир адам ар кандай ойлонушу мүмкүн. Ар кимдин өз алдынча тутунган дин эрежелери, карманган каада-салты бар. Айрым адамдардын күмбөздөргө зыярат кылып жүргөн жайлары да бар.

## Дунгандардын маркумдарга кылган мамилеси башкача

Анткени менен бүгүн биздин эл эмнени салт катары, эмнени дин катары, эмнени мыйзам катары карманарын билбей башы айланып турганы да жашыруун эмес. Себеби, так ушул эле адамды акыркы жайга узатуу маселесинде ар ким ар кандай ой айтып, эмнеге таянарын билбей отурат. "Элибизде илгертен сөөккө жакшы мамиле кылган, каздырган эмес" деген кеп айтылганы менен, жергебизде азыркыдай шаарга айланып бараткан көрүстөн деле көп байкала бербейт. Ал тургай атагы алыска кеткен айтылуу адамдардын деле көбүнчөсү күмбөзү кайда, сөөгү кайда экени табылбай калган. Бул эми элибиздин чыныгы акылмандуулугу, көрөгөчтүгү болсо керек. Эл адамдын күмбөзүнө, коюлган жерине эмес, тирүүлүктө кылган ишине карап баа берерин акылдуу адам аңдабай койбойт.

Эсимде, бала кезимде жайлоодогу кошунабыз, 70терге чыккан аксакал, сабаасын ыштаганы ыштык казып отуруп адамдын баш сөөгүн таап алган. Бирок, ал ошол бойдон көчө качып, же ыштыгын көмүп салган эмес. Тек гана ошол табылган сөөктү кастарлап башка бир жерге көмдү да, калган ишин улай берди.

Мындан келди бүгүн деле ошол ишти уланта берсек болгудай. Албетте, көрүстөндүн ордун дароо эле экскаватор менен казып, булдозер менен түрттүрүп кирүү балким осолураак болор. Бирок, алгач анын ордун бакчага айлантып, гүлзарга айлантып, же түздөп эгин айдатып, андан кийин дагы бир канча жыл өткөндө курулушка колдонууга неге болбосун. Бирок бул үчүн азыртадан камын көрүп, мүрзөгө килейген эстелик коюп, күмбөз тургузууну тыйганыбыз оң. Баса, тыюу салат десе эле олчойгон айыппул салып, же куугунтукка алып камоо менен эмес, ар кандай жолдор менен түшүндүрүү жолу аркылуу жетсе болот.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Дин коопсуздугун камсыздоо мектептерден башталды

Быйыл мектептерде окуу жылынын башталышы менен "Диний маданияттын тарыхы" аттуу сабак киргизилгени турат. Ансыз да кимдин-ким экени билинбей, мусулманчылык ар кайсы топко бөлүнүп турган маалда, минтип балдарга жаштайынан туура жолду көргөзүү кимди болбосун кубантпай койбойт



## "Дин маданиятынын тарыхы" динге үгүттөгөн сабак эмес

Быйылкы жаңы окуу жылыда пилоттук негизде 10 мектепте "Диний маданияттын тарыхы" аттуу сабак окутула баштайт. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын маалыматында айтылуу чечим Коргоо кеңешинин жыйынында кабыл алынган. Окуучулардын дин туралуу түшүнүктөрүн туура багытта өрчүтүү жана диний радикализмди алдын-алуу максатындагы сабак 9-класстардан тарта окутула баштайт.

Кыргыз Республикасынын Дин комиссиясынын мүдүр орун басары Чотоев Закир мектептерде мурун өтүлүп жүргөн ыйман сабагына салыштырмалуу "Дин маданиятынын тарыхы" сабагы жалаң гана динге үгүттөбөйт дейт:

– Бул сабак жаш өспүрүмдөр мектепти аяктаган соң дин тууралуу негизги түшүнүктөрдү билүүсү үчүн жасалууда. Экстремисттик идеологиялардан чыныгы дин баалуулуктарын айырмалап билүүлөрү үчүн мындай сабактын орду чоң. Балдарыбыз Сирия, Ирак, Афганистанга адамдарды жиберип жаткан радикалдык агымдардын айткандарына ишенип албашы керек. Келечек муун туура жетилүүсү үчүн аларга мектеп партасынан баштап кам көрөлү. Эл ичинде "Дин маданиятынын тарыхы" сабагы десе эле динге үгүттөгөн сабак деп түшүнүп жатышат. Бирок бул андай эмес. Бул чыныгы светтик мүнөздөгү, ар түрдүү диндер туралуу айтылган академиялык сабак болот. Алсак, бул сабакта Кыргызстанда кандай диндер бар, алар кантип өнүккөн, мамлекеттин дин чөйрөсүнө болгон позициясы кандай деген нерселер өтүлөт.

## Мектептен мечит неге көп?

6 миллион калкы бар Кыргызстан мамлекети үчүн 24 диний мекеме кызмат кылат. Дин комиссиясынын берген маалыматы боюнча булардын эки миңден ашыгы ислам багытындагы уюмдар. Республикада болжол менен 2699 миң мечит, мусулман динин окуткан 70 мектеп, 10 жогорку дин окутуу университети, 69 түрдүү ислам уюму, фонддору жана борборлору бар. Бир жактан караганда өлкөбүздөгү мечит саны мектептерге салыштырмалуу басымдуулук кылып турат. Атайын адистердин айтымында дагы көпчүлүк мектеп эмес, мечит салганды туура көрүшөт.

Анткени менен, бул эч кандай деле чочулоочу көрүнүш эмес дегендер да бар. Себеби, калкынын токсон пайызын мусулмандар түзгөн мамлекет үчүн мында чочулай турган эч нерсе деле жок. Анан калса, мектепке мектеп жашындагы гана балдар барса, мечиттерге там-түң баскан баладан баштап кыбыраган чалкемпирге чейин барат. Ал тургай көзү өтүп кеткендер үчүн жаназа окуй турган, ооругандар үчүн дем салдырган, иши жүрүшпөгөндөр үчүн дуба тилеткен, кайырчылар үчүн садага сураткан, үйлөнгөндөр үчүн баш коштурган жана башка ушул сыяктуу жалпы калайык-калкка далай кызмат сунган мекеме так ушул мечиттер. Буга салыштырмалуу мектептер алда канча чоң, кенен салынат жана коомдун белгилүү гана бөлүгүнүн кызматын аткарат.

Бирок, эл ичинде "Чала молдо дин бузар" дегендей кептер айтылып, имамдарга, молдокелерге анчейин деле ишене бербей калган жагдайлар да кездешпей койбойт. Себеби, чала сабат имамдар кээде сабатсыздыгынын айынан башкаларды туура эмес жолдорго багыттаса, кай бири билипбилбей экстремисттик уюмдарга үгүттөп жибергени да кездешет. Ушундан улам эгер мектептерде дагы дин сабактары киргизиле баштаса, бул так ошондой тескериге үгүттөөчүлөрдүн максатына жетүүнүн дагы бир жолу болуп калышы мүмкүн деп кооптонгон ата-энелер да жок эмес.

## Салттуу динди окутуш керек

№5 Улуттук компьютердик гимназиянын кыргыз тили жана адабият сабагынын мугалими Талгат Деркембаев мектептерде дин сабагынын өтүшүнөн чочулаган ата-энелердин көпчүлүгү атеизим доорунда жашап калган, диний түшүнүгү жок адамдар экенин айтат:

– Албетте, ар бир кыргыз эң биринчиден өзүнүн тилин, динин, өзүнүн ким экенин, тек-жайын билиши керек. Адамдын дин таануусу бул өтө маанилүү нерсе. Окуучулардын динди билбей жүрүшү да коомдук көйгөйгө айланып баратат. Учурда жаштарыбыз биздин табиятыбызга туура келбеген, ата-бабабыз карманбаган башка диндерге кирип кетишүүдө. Өзүңөр билгендей, дүйнөдө негизинен ислам, христиан жана иудаизм сыяктуу үч эле дин бар. Ал эми калгандары жөн гана ар кандай кызыкчылыкты көздөгөн радикалдуу агымдар, же болбосо кыймылдар, секталар болушу мүмкүн. Мына ошолордун тузагына илинип калбай, бабалардан калган салттуу динибизди билүү үчүн бул сабактын өтүлүүсү өтө маанилүү. Ошол эле учурда бул башка диндерге да толеранттуу мамилени үйрөткөн сабак болот деп ишенебиз. Себеби бул сабакта ислам дининин баалуулуктары гана окутулбастан, башка диндердин тарыхы да окутулат. Буга чейин мектептерде ыйман сабагы деген сабак өтүлүп, адеп-ахлак, каада-салт, жүрүм-турум эрежелери, улуттук маданият, этикалык категориялар сыяктуу этнографияга жакын түшүнүктөр гана жалпылаштырылып өтүлүп келген. Бүгүнкү күнү адеп сабагы менен "Диндердин маданиятынын тарыхы" аттуу дисциплина эриш-аркак өтүлсө бири-бирин толуктаган, жеткинчек муунду моралдык жактан тарбиялаган мыкты жаңылык болор эле. Мындай демилгени колдоого алышыбыз керек. Негизги маселе программанын түзүлүшүндө жана сабакты өтө турган компетенттүү адис теолог мугалимдердин тандалышында. Кайсы конфессиядагы мугалим болбосун өзүнүн диний ишенимдерин догма катары таңуулабашы керек. Себеби биз 80ден ашуун улуту бар мамлекетте жашайбыз. Ишеним маселеси өтө этияттыкты талап кылат. Ар бир дин тутуучулардын ишенимдерине урмат менен мамиле кылуусу мугалимдин негизги милдети.

## Дин сабагын физкультура мугалими өтөбү же...

Буга чейин мектептерде ыйман сабагы өтүлүп келген деп айтып жүрөбүз. Бирок анын кандай өтүлгөнү, ким өткөнү тууралуу кеп кылуу кыйын. Себеби, ыйман сабагын бир күнү мүдүр окутса, дагы бир күнү анын орун басары, же дагы бир саатты аз мугалим өтчү. Же такыр эле болбой калганда жөн гана "өтүлдү" деп журнал толтурулуп, ойдон чыгарылган нерселер жазылып кете берчү. Бул эмнеге мынча ишенимдүү сүйлөп жатат дээрсиз. Анткени биз окуучу кезде ушунун баарын өз көзүбүз менен көрүп чоңойдук. Ушундан улам, эртең дин сабагы окуу программасына киргизилип, атайын адистер окутушса, анда сабак өз майнабын бериши мүмкүн. Антпесе, анда бул деле бир журнал толтурмайга алмашары турган кеп.

Анткени менен адистер "Дин маданиятынын тарыхы" сабагын мектептерде киргизүү мурунтан эле жетилип бышканын айтып келишет. Коомдо динге берилген адамдар күн санап өсүп жатканына байланыштуу окуучулардын мектептен тигил же бул диндер тууралуу билиши туура эле болчудай. Болгону бул жерде сабакты ким өтөт? Теологдорбу, же сабагы аз физкультура мугалимиби? Балким кээ бир сабактарды Ислам университетин бүтүргөн, же Арашан Гуманитардык институтунун теология факультетин бүтүрүп келген жогорку билимдүү адистер окутса, кай бир сааттарын муфтияттан, же ошол аймактын имамы болобу, же казысы болобу, айтор, дин боюнча билими бар адамдардын окутканы тууралыр. Ал эми Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча бул долбоор үчүн жети облустан жана Бишкек, Ош шаарларында пилоттук негизде тандалып алынган мектептердин мугалимдерине тренинг өткөрүлөт жана бул сабакты да ошолор берип башташат экен.

## Кайда болбосун билимсиздик

Долбоордун сунушталышы боюнча сабак төмөнкү шартта өтүлөт: Мектептерде диний билим берүү базалык окуу планына карата уюштурулушу керек. Мындай ыкма сабакты окуу программасына акырындап киргизүүгө жардам берет. "Дин маданиятынын тарыхы" сабагы алгач каалагандар үчүн кошумча сабак катары окутулуп, кийинчерээк милдеттүү сабакка айланат. Окуу эки этап менен жүргүзүлөт. 9-класстарга диндин алгачкы этаптарынан баштап Байыркы Чыгыш, антика цивилизациясындагы диндер, иудаизм, христиан, ислам диндери өтүлүп отуруп, аягында Кыргызстандагы азыркы диндерге кирип кетет. 11-класстын окуу планында болсо адамдын жүрүм-турумундагы моралдык көз караштар, бул нерселер дүйнө диндеринде кандай ыкма менен айтылары окутулат. Окуучуларга христиан, ислам жана башка диндердин баалуулуктары айтылып, кыргыз калкынын диний-маданиятынын калыптанышы тууралуу маалыматтар берилет.

Анткени менен бүгүнкү күнү мусулманмын дегендер деле дин боюнча жеткиликтүү билими жок экени коомчулукка маалым. Атайын тестирлөөдө имамдардын жыйырма пайызы гана сынактан өтө алган. Бул болсо өлкөбүздө динди туура кабылдоо түшүнүгүнүн тайыз экенинин көрсөтөт. Дегеле, милициялар болобу, доктурлар болобу, мугалимдер болобу, айтор, кайда болбосун оркоюп чыгып жаткан билимсиздик, өз кесибин билбөө маселеси дин тутунгандарыбызды да кыйгап өткөн эмес. Ошондон улам мектептерде дин сабагынын берилиши аз да болсо динди туура түшүнгөн келечек муунду даярдайт деген үмүт бар. Болгону иштелип чыккан долбоор аягына чыгып, иштеп кетсе болду. Ошондой эле сабактарды чала-сабат имамдар, же өмүрү айтылуу сабак менен тааныш болбогон мугалимдер эмес, кесипкөй адистер берсе жакшы болгону турат.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Такырбаш - мигранттын ажалы

Орусиядагы улутчул жаштардын чет элдиктерге кол салганы тууралуу кабарларды байма-бай угууга болот. Жакында эле Ош облусунун Кара-Суу районунун тургуну Мундузов Атабек Топчиевич скинхеддер кол салуусунан көз жумду. Окуя 12-августка караган түнү Рязан проспектисиндеги дүкөндөрдүн биринде болгон. Кылмышка шектүү скинхед дүкөндүн ээси армян улутундагы Лев Камалянга жана ал дүкөндө соода кылып жаткан Мундузовго кол салган. Кол салуунун кесепетинен экөө тең жан беришкен. Ал эми бул окуяны көргөн күбөнү да ур-токмокко алып, ал учурда ооруканада жатат. Учурда бул иш боюнча кылмышка шектүү кармалып, тергөө иштери жүрүүдө

## Скинхед деген эмне, жана каяктан чыккан?

Такырбаш деген түшүнүк биринчилерден болуп Англиянын ЖМКларында 60-жылдары чыга баштаган. Англиянын скинхеддери Пакистандын жарандарын жактырбоо аракетинде кол салуу башталган. Андан кийин 1970-жылдары АКШда пайда болуп, сыгандарга каршы чыгышкан. Ал эми 1980-жылдары Германиялык скинхеддер түрк жана күрд улутундагыларга кол салып турушкан. Орусияда болсо булар 1990-жылдары пайда болуп, башка мамлекеттерге салыштырмалуу ишмердүүлүгүн активдүү жүргүзө башташкан. Скинхеддердин арасында улуу адамдар гана эмес, 14-18 жаштагылар да табылат. Бул субмаданиятка мурда аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары кошулса, учурда жакшы үй-бүлөлөрдүн балдары да бар. Скинхеддер жаңыдан жайыла баштаган кезде өздөрү жөнүндө маалыматты көпкө чейин жашырган. Булар дайыма фашизмди, улутчулдукту жана расасы бирдей эмес адамдарды жаман көрүшчү. Скинхеддерди аскердик өтүк, арчындалган кызыл кур аркылуу таанууга болот.



## Скинхеддерден эмес, укук коргоо органдарынан кооптонуу бар

Орусиядагы ооруканалардын биринде санитарка болуп иштеген Майрамкүл эже жумуштан кийин үйүнө жолдошу менен кетет. Орусияда скинхеддер көп болгондуктан кечинде жалгыз басуу өз жанына тобокел кылуу деп айтат. "Жумушум түшкү саат 2де башталып, түнкү 12де бүтөт. Түндө үйгө жалгыз баргандан корккондуктан, жолдошум менен чогуу кетебиз. Бул жакта скинхеддердин кол салуусу көп болот. Көрүп да, угуп да жүрөм. Орусиядагы укук коргоо органдарынын кызматкерлери скинхеддерден коргооруна көзүм жетпейт. Ал тургай скинхеддерден эмес, укук коргоо органдарынан кооптонуу бар. Милициялар документтен болбогон бир кемчилик тапса, 500 рубль сурашат. Акчаң жок болсо, башкача жолдор менен чечпейлиби деп сунуш киргизишет. Өзгөчө жаш кыздарга бул жагы коркунуч туудурат", - деди ал.

Санкт-Петербургда 5 жылдан бери жан үрөп иштеп жүргөн Жолдош мырза да скинхеддерге кабылган. Ал мындан 2 жыл мурун Александр-Невский метростанциясында поезд күтүп турган кезде аркасынан 3 скинхед аны түртүп вагонго алып кирип кетишкен. Коркуп кеткен Жолдош поезддин эшиги жабыла электе сыртка качып чыгууга үлгүргөнүн айтат.


## Өлүмгө күнөөлүү деп скинхед кармалды

Скинхеддер мындан 2-3 жыл мурун ашынып кеткендиктен, элчилик тарабынан кайрылуулар болгон. Кайрылуудан кийин "алар токтоп калды" дегени менен, жарым жылда 2-3 окуя катталып турат. Азыркы учурда "такыр баштардын" (скинхеддер) кол салуусу мурункуга караганда азыраак деп билдирген Кыргыз Республикасынын Орусия федерациясындагы элчилигинин кызматкери Гүлбарчын Байымбетова төмөнкүлөрдү айткан:

– Ошол күнү Атабек Мундузов дүкөндө соода кылып жаткан. Дүкөндүн жанынан өтүп бара жаткан кылмышкер армян улутундагы дүкөндүн ээсин жана биздин кыргыз жаранды бычак менен сайып өлтүргөн. Биздин элчиликтин кызматкерлери барып, маркумдун сөөгүн мекенине жөнөтүү боюнча иш-аракеттерди көрүштү. Бул кылмышка шектүү деп скинхеддик жолдогу орус жаранды кармалды. Натыйжада биз ишти аягына чейин чыгаргыла деп кат жөнөттүк. Элчиликтен ар кандай аракеттер көрүлүп жатат. Биз кыргыз мигранттарына түшүндүрүү иштерин көп жүргүзөбүз. Аларга көп адамдар топтолгон жерге барбоо, өзүн-өзү сак алып жүрүү, мыйзам чегиндеги укуктарын билүү, караңгы түнгө чейин баспоо тууралуу айтабыз. Бизден башка бул иштер боюнча диаспоралар да иш алып барат. 3 жыл мурун скинхеддер жалаң гана кыргыздарга эмес, башка улуттагы жарандарга да кол салышчу. Учурда кол салуу азыраак.

## Скинхед деген маалымат туура эмес


КРнын Орусия федерациясындагы элчилигинин кызматкери Гүлбарчын Байымбетова Мундузовдун өлүмүнө шектүү катары скинхед кармалганын айтканы менен, ошол **элчиликтин консулдук бөлүмүнүн юристи Карагулов Мырзабек Жолонович** "Аны скинхед өлтүргөн деген маалымат туура эмес" деп чыкты. Көрсө, ал "Журналисттердин бирөөсү бир нерсе десе эле калгандары кайталай берет" деген пикирди тутунат экен.



– Бул ишке шектүү деп 105 жана 112-берене боюнча кылмыш иши козголуп, тергөө иштери жүрүүдө. Тергөөчүнүн сөзү боюнча кылмышка шектүү биринчи армян улутундагы жаранды өлтүргөн. Мундузов армянга жардам берем деген кезде аны да өлтүргөн. Бул окуяга күбө болгон жаран ооруканада жатат. Мундузовдун сөөгү алтынчы күнү Кыргызстанга кеткен. Биз юристтер факты менен иштейбиз. Журналисттердин бирөөсү айтып чыкса, калгандары кайталап чыга берет. Скинхед деген маалымат туура эмес. Биздин кызматкерибиз ал жерге барып келди. Тергөөчүнүн сөзүндө бул окуяга шектүү кармалды деген маалымат бар. Биз мигранттардын укугу түздөн-түз бузулса ошондо гана жабырлануучу тарапка жардам көрсөтөбүз. Мундузовдукундай окуяга тугандары керек. Анткени алар жабырлануучу тарап катары бүт маалыматтары алып экспертизага жөнөтүп, кылмыш ишиндеги материалдар менен таанышса болот.

## Мындай мыкаачылыкка жол бербеш керек

Ал эми **Жогорку Кеңештин КСДП партиясынын лидери Иса Өмүркуловго** "Кыргыз мигранттары бөтөн жерде скинхеддердин айынан каза болууда, Орусия өкмөтүнө мындай окуялар катталбашы үчүн кандайдыр бир келишим түзсө болобу?" деп кайрылганыбызда ал бул жат көрүнүш экенин айтып, мындан ары деле скинхеддер кордук көрсөтө берсе Орусиянын ички жана сырткы достук мамилесине доо кетиши мүмкүн дейт:



– Бөлөк өлкөнүн скинхеддеринин тартипсиздиги, мыйзам бузганы кылмыш болуп эсептелет. Албетте, эки мамлекеттин ортосунда келишимдер бар. Орусия биздин жарандарды коргошу керек. Бул боюнча кылмыш кылган адамдар кармалып, жоопко тартылууда. Арасында тартылбай калгандары да бар. Улутчулдук болуп жатат бул жакта. Тышкы иштер министрлиги бул маселени жөн койбой сөзсүз түрдө Орусиянын өкмөтүнө зыян келтирген адамдарга карата чара көрүүсүн суранышат. Көп улуттуу мамлекетпиз, мындай мыкаачылыкка жол бербеш керек. Бул окуялардын тескери таасири да бар. Ал биз жакка да оош калышы мүмкүн. Ошондуктан Орусия өкмөтү мындай окуяларды көзөмөлгө алып, кылмышкерлерге жаза бериши керек. Аталган мамлекеттин облустары көп болгондуктан скинхеддер ар кайсы жактан болушу мүмкүн. Эгерде алар мындан ары да кордук көрсөтсө, Орусиянын ички жана сырткы мамилесине доо кетиши мүмкүн. Скинхеддерди укук коргоо органдары көзөмөлгө алуусу зарыл. Кылмышка барган адамды тез арада таап, жазасын бериш керек. Ошондо гана тартип орнойт, – деди Иса Өмүркулов.

Кыргыз мигранттары өз үй-бүлөсүн таштап, акча табуунун айынан бөтөн жерде кара жанын карч уруп эмгектенип жүргөндө эмнеге гана кабылбайт. Укук коргоо органдарынын басмырлоосуна, скинхеддердин курмандыгына, же сойкулуктун тузагына илинишет. Булар өлкөбүздөгү жакшы жашоонун айынан Орусияга кеткен жок. Кыргызстанда өз үй-бүлөсүн аз айлык менен бага албагандыктан иштеп жүрүшөт. Мамлекет өз жарандарына кам көрүп, татыктуу айлык, туруктуу жумуш таап бере албагандан кийин, аз болсо да башка мамлекетте жан үрөп иштеп жүргөн жарандарынын коопсуздугун камсыз кылышы керек.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Жаттамага жан тарткан калыстар

15-август күнү Токтоболот Абдымомунов атындагы кыргыз драма театрында айтылуу Көчмөндөр оюнуна карата төкмө акындар арасында тандоо болуп өттү. Бирок, ыр менен башталган айтыш аягында чыр менен аяктап, концерттик зал кыйкырык-сүрөөнгө айланып, калыстык кылымыш болуп отургандар жаалданган элден аргасыз качып чыкты. Көрсө, миң балакет калыс, миң балакет сынчы болгону менен, элден өткөн калыс, элден өткөн сынчы болбойт тура, чиркин...

## Элмирбектин эркелери

Эмесе, кепти башынан баштасак. Ошентип Аалы, Жеңишбек, Баян, Саргашка сындуу чоң акындар катышкан айтышта баш аягы 31 өнөрпоз ат салышып, Анатай Өмүрканов, Рысбай Исаков, Элмирбек Иманалиев, Олжобай Шакир уулу, Зайырбек Ажыматов, Кадыркул Даутовдор калыс болушкан. Бирок мандемдин баары ушул калыстардан башталды.

Айтыштын катышуучусу, жаш акын Садырбек Турдубек уулунун айтуусу боюнча, калыстар чү дегенде эле «Жаттаган ырыңар менен чыкпагыла. Өзгөчө болсун» деген талап коюшкан. Бирок, бул талап кээ бирөөнө иштегени менен, кээ бирөөнө таасир берген эмес. Акындын айтуусу боюнча, калыстар тобунун катарында отурган Элмирбек Иманалиевдин шакирттери саламдашкандан тартып эле жаттама ырларын соктуруп киришкен. Муну так ошол Элмирбектин «Төкмөлөр төргө» аттуу берүүсүн көргөндөр дароо эле байкайт дейт Садырбек.



## Аңды-дөңдү карабай адырандашканда

Эми мунусу да мейли. Балким карапайым калк жаш балдардын мындай тентектигине деле чыдамактыр. Бирок, «Доңуз кутурса дөңгө чыгат демекчи», калыстардын көз кыстымын байкаганбы, же мурунтан сүйлөшүлгөнбү, айтор, Аалы Туткучев менен айтышка чыккан Абдылда Нуралиев ай-буйга келбей эле Аалынын ишенимине асылып, «Арбакка эмне ишенбейсиң, арапка эмне ишенесиң? Сен өлсөң Арабияга коёбузбу?» деген өңдүү ит жеген бокту жеген. Бирок, Аалы кантсе да Аалы эмеспи, сыр билдирбей гана туруп эки жолу жайлады, чиркин. Ал тургай итке теңелип ит болбоюн, ажылдаган акмакка эң жакшы жооп унчукпай коюу деген мааниде ырдоо менен тигинин жаагын жап кылган. Анткени менен калыстар ушунтип айтасың деп мурдатан тапшырма бергенби, же кептин маанисин билбеген немелер чогулуп алганбы, айтор, ал айтышта Аалыны басып коюшкан.

Ал эми илгертен казак менен кыргызга аттын кашкасындай таанымал болуп, автомат акын деген ат менен эл ичинде төбөсү көрүнүп калган Жеңишбекти төбөгө койгулап басып отуруп, 49 упай менен 9-орунга түшүрүп, Көчмөндөр оюнунда ат салыша турган 8 кишилик курамдан чыгарып ташташкан. Мына сага, калыстык!

## Анатай агайга ырахмат!

Анткени менен Кудайга шүгүр, кыргызда дале болсо адилеттүүлүктү туу туткан, чыныгы өнөрдү баалаган адамдар жок эмес экен. Бул айтышта калыс болуп отурган агаларыбыздын бири Анатай Өмүрканов өзүнүн ошол сапатын ачык көргөзө алды. Ал киши айтыш аягына чыга электе эле тигилердин эчак бир пикирге келип алганын билип калыстык кылуудан баш тартып, басып кеткен . Кийин Марал радиосуна төмөнкүдөй пикирин айткан:

– Калыстар тобу өзүнчө топ болуп, кайсыл акынды тандап алуу тууралуу сүйлөшүп алышкан. Мындай учурда калыстар тобу айрым катышуучулардын упайларын атайылап төмөндөтүп коюшу мүмкүн. Мен деле калыс болуп отуруп, таламын талашып эле турдум, бирок сөз укпай топ-топ болуп сүйлөшүп алышыптыр.

Мына, калыстар тобунда отурган, ошолорго аралашып жүргөн адам ушуну айткан соң башкалардын аксымданганына, актанганына ким ишенет?

## Таппасаң сыйпалап кал

Айтмакчы, кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп коюп элдин баарын «көк мээ, эч нерсени түшүнбөйт» деп ойлогон калыс чалыштар бул кылганын бүгүн башкача жоруп чыгышты. Көрсө, алардын ою боюнча мурунку акындардын утулуп, жаңы акындардын суурулуп чыгышы эл ичинде акындык өнөрдүн өсүп жатканын билдирет экен. Мына сага, шылтоо болбосоң коё кал. Ошол жерде отурган Олжобай Шакир, Зайырбек Ажымат, Элмирбек сындуу өзүн чыгаан сезгендерге атаандаш боло турган жаштар өспөй, ээлеген бийиктиктеринен бир кадам ылдый түшпөй отурушуптур дагы, бир заматта эле төкмөлөр дүркүрөп өсүп чыгып Жеңишбек, Аалы, Баян, Идирис сыяктуу акындарды артка таштап озуп кетиптир.

Дүйнө жүзүндө канча жыл бою бир да жолу утулбаган Мухаммед Али, Майк Тайсон, Майкл Фелпс, Усейн Болт өңдүү далай чепмиондор чыккан. Бирок эч ким аларды «Ушулар эле чыга береби, жаңылар деле чыксын» деп жөн жерден басып таштап, ордуна жаңы келген бирөөнү чыгарып койгон эмес. Качан болбосун, ким күчтүү болсо, ким кыйын болсо ошону гана чыгарып келген. Баса, Фелпстин 21 жолу чемпион болгону, Алинин канча жыл бою рингден түшпөгөнү эч кимди суу спорту, же бокс өнүкпөй калды деген ойдо да калтырган эмес. Мындай үч уктасаң түшкө кирбей турган ойлор биздин чыгармачыл калыстарга гана келет. Баракелде, тапкычтыгыңарга.

Эми анча болду өзүңөр дагы ордуңарды бошотуп түшүп бергиле. Же Зайырбек эле журналист болуп отура берип Азаттык өнүкпөй калсынбы? Же Олжобай Шакир эле сыйлык алып отура берип кыргыздын жаш жазуучулары өнүкпөй атабы? Балким чындык ушул жерде жаткан болуп жүрбөсүн?

## Жеттим бирок катышпайм

Ошентип ойду-келди калчап отуруп калыс сөрөйлөр Көчмөндөр оюнуна катыша турган 8 акынды тандап алышты. Алар: Болот Назаров, Аалы Туткучев, Чыңгыз Кожошев, Кадырбек Бейшенов, Асылбек Маратов, Амантай Кутманалиев, Азамат Болгонбаев жана Изат Айдаркулова. Бирок, адилеттикти туу туткан, жүрөгүндө намысы бар жигиттер качан болбосун адилетсиздикке чыдап отура албайт эмеспи. Анын сыңарындай, канча басууга кабылганына карабай топтон суурулуп чыккан Аалы ошол залда, эл алдында туруп калыстарга нааразылыгын билдирди. Ансыз да кыйкырык сүрөөнгө алып, каршылык кылып турган эл ушул жерден дуу жарылып баятан бери өз билгенин кылып аткан калыстарды тебелеп кете жаздады. Уурунун арты кууш демекчи, жүрөгү солкулдап калган калыс чалыштар болсо ошол жерден дүркүрөп тура калып, качып кутулууга аргасыз болду.

Кийин Аалы Туткучев айтыш жана андагы окуялар тууралуу төмөнкүдөй оюн айтты:

– Эч кандай билими жок, айтышты түшүнө бербеген, батышты тууараган, калыстыгы жок кишилерди алып келип калыстыкка отургузуп коюшуптур. Эч качан акындар калыстардын арасында болгон эмес. Ошол эле Ашыкем, Тууганбай, Эстебес аталарыбыз дагы убагында өздөрүнүн шакирттерине тартып коёт деп калыс болуп отурган эмес. Бул жолку тандоо турда калыстарда отурган акындар өздөрүнүн шакирттерин өткөрүп коюшту. Кыргыз элинин намысын коргогон Жеңишбек, Баян Акматовдор өтпөй калышты. Мен аталган тандоо турдан өтүп кеттим. Бирок, мен өттүм деп эле «Бармак басты, көз кысты» болуп унчукпай отура бергим келген жок. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында боло турган айтышка мен катышпайм. Калыстык эч болгон жок.

## 12 акынга жолдомо берилди

Анткени менен элдин минтип бир ары кетип, бир бери кетип чырылдап турганына чыдаган жокпу, же чын эле Аалыдай чечен катышпайм деген соң сырттан келе турган туугандарга такат бере турган бир да акыны калбай, кыргыздын биротоло намысы тебеленип ит болорун билиштиби, айтор 16-июл күнү кечинде Айтыш фондунун президенти Садык Шер Нияз фейсбуктагы баракчасына «Айтыштагы тартышты уктум. Калыстарга сын айта албайбыз, ар ким өзүнүн уяты, ар-намысы менен жооп берет. Калыстарга сын айтуу Айтыш фондунун салтында жок. Күйүпбышкан ынтызарларга ырахмат. Силердей эл болгону үчүн айтыш өнөрү сакталып келе жатат. Министр менен чогуу сүйлөштүк, кыргыз акындарынан 12 акын чыга турган болду. Ошондо айтылгандардын баары катыша алат. Ушундай чечим кабыл алынды. Түнүңөр бейпил болсун» деген маалымат таратты. Эртеси Мирлан Самыйкожо фонддун атынан Болот Назаров, Кадырбек Бейшенов, Асылбек Маратов, Чыңгыз Кожошев, Изат Айдаркулова, Аалы Туткучев, Азамат Болгонбаев, Амантай Кутманалиев, Женишбек Жумакадыр, Максат Кулуев, Шекербек Адылов, Идирис Айтбаевдерден турган 12 акын бардарын жарыялады. Ошону менен кимдин-ким экенин билгизген бул сыноодо акыры эл биримдиги, эл калыстыгы жеңди жана бабадан калган өнөрдү аздектеп келген акындарыбыз эл аралык айтышка катышып, эл намысын коргоого жолдомо алды.

# Максатыбыз Кыргызстандын альтернативдүү өнүгүү долбоорун иштеп чыгуу

*“Окуу билим, түндө алдыңда шам чырак, Билим алсаң маңдай ачык жаркырап”* демекчи, биздин бүгүнкү коногубуз Жумадилов Амангелди мырзанын ар бир берген жообунан анын билимге сугарылган, келечекке оптимисттик көз караш менен караган адам экенин баамдасам, ар бир сөзүн “мен” дебей “биз” деп айтышы анын эгиздин түгөйү экенинен кабар берип турду



### Акылдуу ата аскада шаңшыган бүркүт, Акылдуу бала алтындан жасалган түркүк

Ата-энем кесиби боюнча экөө тең мугалим. Атам кызматкер болчу. Айыл башчы, айыл өкмөт болуп эмгектенген. Тилекке каршы, 2009-жылы Түркияга окууга кетип атканыбызда каза болуп, биз кетпей калдык. Апабыз жалкоо кишилерди аябай жаман көргөндүктөн бизди кара жумушка бышырып тарбиялады. Атам олуттуу, ашыкча сүйлөбөгөн, сүрдүү киши болчу. Көп эркелетпей чоңойтту. Канча жумуш кылсак дагы бир ооз мактачу эмес. Бирок бир китеп окуп, же бир жактан жеңишке жетип келсек абдан сүйүнчү. Көрсө, бул да тарбиянын бир түрү экен. Кийин түшүнсөк мен силерди короо салды дебейм, колуңардан келсе илимге аракет кылгыла деп багыт берчү тура. Үй-бүлөдө 7 бир тууганбыз, эгиздин түгөйүмүн. Эгизим Эсенгелди – менин досум, бир туугандарымдын арасынан эң жакыны. Бири-бирибизди жарым сөздөн түшүнүп, колдоп турабыз. Агам: "Менин деле эгизим болсо болмок, экөө биригип кетип атат", – деп күлүп калат.

### Ийгиликтер...

Биздин биринчи ийгилигибиз – эч качан ата-энебизге жаман сөз тийгизген жокпуз. Мектепти бүткөндө “Нарын облусунун намыскөй окуучусу” деген диплом алгам. Нарында Себат лицейи, Чкалов деген алдыңкы мектептер бар. Мен болсо жөнөкөй айылдык мектептин атынан барып тарых боюнча республикалык олимпиадага катышкам. Университеттен да Кудайга шүгүр, контракт төлөттүрбөй окудук. Студенттик күндөрдө Манас университетинин студенттер кеңешин жетектеп, чоң-чоң иштерди жасадык. 500 миңден миллион сомго чейин кайрымдуулук жардамдарын бердик. Жумуш тандоодо экономика министрлигине конкурс болуп, андан өз күчүбүз менен өттүк. Кадрлар бөлүмүнөн “Кимдин кадрысың? Бул жакка жөн киши түшпөйт”, – деп сурай беришчү. Мамлекеттик кызматта жүрүп өкмөттө кардиналдуу реформа болмоюн эч нерсе өзгөргүдөй эмес экенин түшүндүк. Кардиналдуу реформа бир кишинин колунан келбейт, ага команда керек. Анан белгилүү меценат Аскар Салымбеков менен сүйлөшүп “Минэкономдо, улуттук банкта иштеген жаш балдар биргелешип акыл борборун ачалы, Кыргызстандын алтернативалык өнүгүү жолун жазып чыгалы, бизге колдоп бериңиз?” – десек, ал киши туура көрүп: “Балдар бул кичине өзүмчүлдүк болуп калат. Мен силерге жардам берейин, фонд ачалы, силер балдарды өзүңөрдүн идеяңар менен окуткула”, – деди. Көрсө, ал киши 2 жылдан бери “Жаштарга кантип, эмне кылып жардам берсе болот?” деп толгонуп жүрүптүр. Ошентип, 3 жылдан бери ушул фондду иштетип атабыз.

### Прогрессивдүү демилгелер фонду...

Азыр коом өтө саясатташып кетти. Биз балдарга саясаттан алыс, бизнести, маданиятты, спортту өнүктүрө турган жаратмандык иштерге багыт беребиз. 3 жылдан бери 8 миңге чейин баланы бүт региондорду кыдырып бекер окуттук. Мындан сырткары, 800дөй бала атайын лидерлер мектебинен сабак алышты. Биздин башкы максат баланы ойготуу. “Азыртадан баштап келечегиңе кам көр” деп үйрөтүү керек. Ошондо бала жоопкерчиликтүү болуп, ата-эне айтса-айтпаса да окуй баштайт. Жаштардын көп демилгелерин колдоого алабыз. Негизги максат популисттик эмес, реалдуу нерсеге ишенген, илимге, техникага, өнүгүүгө таянган жаштардын жаңы коомун түзүү.



**Толук аты-жөнү:** Жумадилов Амангелди Жумадилович
**Туулган жылы:** 19.03.1987
**Туулган жери:** Нарын облусу, Нарын району, Үчкүн айылы
**Билими:** Экономика илимдеринин доктору
**Баалаган жана машыккан спорту:** бокс
**Баалаган жазуучусу:** Чыңгыз Айтматов
**Жактырган чыгармалары:** "Кут алчу билим" жана Айтматовдун бардык чыгармалары
**Хоббиси:** китеп окуу
**Үй-бүлөөдө:** 7 бир тууган, эгиздин түгөйү, бойдок
**Учурда:** Прогрессивдүү демилгелер фондунун жетекчиси.

### Фонд айыл жаштары менен тыгыз иштешет

Айылдык балдар шаарга келгенде кыйналбасын, келечегине багыт берели деген максатта 2 жылдан бери “Кел бөлүшөлү” деген долбоор алып чыкканбыз. Бул долбоор менен өзүбүз окуткан тың балдардын чыгымын көтөрүп берип айылга жөнөтөбүз. Алар барып балдарды окутуп келишет. Былтыр бүт регионду кыдырып чыкканбыз. Эң башкысы нерсе акча берүү эмес. Негизги алардын өзүнө ишеним берүү. Андан кийин алардын жолун тоссоң дагы окуп кетет. Биз өтүп жаткан тренингдер акысыз, бардыгы фонддун эсебинен каржыланат.

### Баардыгы мээнет менен тырышкан аракеттен...

Адатта, ийгиликке жетпей калсак “Ата-энем жакшы мектепке берген жок, ЖОЖго өткөрө алган жок, мугалимдер начар болчу” деген сыяктуу шылтоолорду айтабыз. Карап көрсөк, бизден жаман Африкада деле генийлер чыгып атат. Ата-энеге шылтай турган болсок, жетим балдар деле чыгып атпайбы. Же айлана-чөйрөдөн десек таптакыр ичип кеткен үй-бүлөдөн да мыктылар чыгып атат. Негизи ийгиликке жетүүдө 5 %-10 % кишинин дээринде болушу керек, бирок калган 90%ы мээнет дейт. Биздин азыркы турган-турпатыбыз тээтиги 5 жыл мурунку ой жүгүртүүбүздүн жыйынтыгы. Эң негизгиси Кудай Таала бай-кедейине айырбай туруп бирдей байлык берген. Ал бир күндөгү 24 саат убакыт. Бул чоң капитал. 24 саатты туура колдонуу менен өзүңдү гана эмес, чөйрөңдү да өзгөртсөң болот.

### Устаттар...

Эң биринчи устаттарыбыз ата-энебиз андан кийин мугалимдерибиз. Акыркы 3 жылдан бери Аскар Салымбеков менен иштешип атабыз. Биз аны устат катары карайбыз. Себеби ал кишиде бай тажрыйба бар. Жөнөкөй чабандын баласы алыскы Ат-Башыдан келип ушундай деңгээлге жетти. Ийгиликке жеткен кишилердин сырлары алардын кулк-мүнөзүндө катылган. Салымбеков таң калычтуу жөнөкөй адам. Бир жолу куруучулардын вагонунда тамак ичип отуруп, биз башка жакка эле барсак болмок деп сүйлөшүп калдык. Анан кайра ойлондук, бизде эч нерсеге жетишпей туруп текебердик бар, а тиги кишиде ушунчага жетишкенине карабай текебердик жок. Дагы бир сапаты – ал киши сарамжалдуу, ал айдап жүргөн машинаны кээ бир окуучу кыздар айдап жүрөт. Болбосо вертолет менен жүрсө деле болот эле.

### Жаштарга кеңеш...

3 эле нерсени айтмакмын: Биринчиси – “Убакыт жок, бошобой атам” деген шылтоону ташташ керек. Окууну бүтүп, ата-энелер иштебейсиңби деп айтканга чейин жумуш тапкыла демекчимин. Бутка туруш үчүн эң биринчи тил өздөштүрүү керек. Себеби тил билбесеңер айылыңар көтөрүлбөйт деп кепилдик бере алам. Экинчиси – кесибиңер боюнча накта адис болгула. Ал үчүн теорияга гана такала бербей, компанияларга бекер болсо да кирип, тажрыйба топтош керек. Үчүнчүсү – колдон келсе убакытты такыр текке кетирбегиле. Болбогон саясат, пайдасы жок жолугушуудан качкыла. Азыркы глобалдык эң чоң оору менен, социалдык түйүндөр менен ооруп, керексиз маалыматка сугарбагыла деп айтар элем.

### Жеке пландар...

Докторлук ишибизди коргоо жана Кыргызстандын альтернативдүү өнүгүү долбоорун документ кылып иштеп чыгуу максатыбыз бар. Дагы бир оюбуз, студенттер окууну бүткөндөн кийин да жумушка даяр эмес болуп жатышат. Ошого кошумча курс ачып, окууну бүтөрү менен жумуш таап кете тургандай кошумча академия ачсакпы деген пландар бар.

### Саясат...

Негизги саясатка кызыгам. Бизден да жаман абалда болгон мамлекеттерди туңгуюктан чыгарып кеткен реформаторлор болду. Себеби аларда тазалык, ишеним, өжөрлүк жана конкреттүү көз караш болгон. Тилекке каршы, биздин саясатчылардын өз көз карашы, принциптери жок. Бүгүн либерал, эртең консерватор, бүрсүгүнү улутчул, исламист, эртеси күнү глобалист. Бизде реформатор жок. Мамлекет кызматы бул жоопкерчилик. Жөн эле сүйлөп коюудан, убал-сооптон коркуш керек. Мисалы, Осмон империясын 200 жыл бою Европанын оорулуу адамы деген аташкан. Себеби алар улам бир аймагынан ажырап отурган. Ошондо Түркияны сактап калган Ататүрк болду. Ага чейин деле патриоттор чыккан. Бирок Ататүрктүн айырмачылыгы жасай турган реформаларын так түшүндүрүп бере алганында болду. Ал халифатты жоюп, республика кылам, караңгылыктан илим менен чыгарам, түрк мамлекетин курам деп жаңы идея берүү менен элди ээрчитти. Саясатка кресло үчүн эмес, системаны жаңылоо идеяларымды ишке ашыруу үчүн баргым келет.

РАХАТ АКМАТОВА

# Көшөрүп-көгөргөн бийликтин кесепети

"Араб жазы" деп аталган козголоңдордон кийин жалгыз жашылдана баштаган жер – Тунис. Анын лидери Рашид Ганнуши жетектеген "Ан-Нахда" партиясынын көрөгөчтүгү, акылмандуулугу жана элдин мүдөөсүн өз кызыкчылыгынан жогору коё алуу эрдиги Конституциясына кылган мамилесинде айрыкча көрүнгөн

## Тунистеги ыңкылап жана анын эгиздери

Араб жазынын таңы башта Тунисте аткан. 2010-жылдын 17-декабрында Сиди-Бузид шаарында жумушсуздуктун айынан сатуучу болуп иштеген жогорку билимдүү Мохаммед Буазизи деген жигиттин кол арабасын товары менен полиция тартып алган. Бул пара алыш үчүн колдонулуп келген адат болчу. Ызаланган жигит өзүн өрттөп жиберген. Бул окуя өлкөдө толкундоолорго себеп болуп, ушундай эле жагдайга кабыл болгон бир нече адам Буазизини туурап чыккан. Алардын жаназалары элдин көтөрүлүүсүнө себеп болуп отуруп, 2011-жылдын 14-январында 23 жылдан бери элин башкарып келе жаткан "түбөлүк" президенти Зин аль-Абидин Бен Алинин Сауд Аравиясына качуусу менен аяктаган.

Тунис коңшуларына караганда бир топ бай мамлекет болгону менен көп жылдан бери алмашпаган саясий элита ири бизнести басып жаткан. Элдин жонунан кайыш тилген саясатын коргош үчүн Бен Али полистерге өзгөчө артыкчылыктарды берген. Эгер ыңкылап болбогондо Тунис полис мамлекетине айлануусуна аз эле мөөнөт калган. Эң негизги социалдык көйгөй – жаштардын жумушсуздугу болгон. Жогорку окуу жайды бүткөн 25 жашка чейинки жарандардын жумушсуздугу 60%ды түзгөн. Жаштардын бирдиктүү жана күчтүү чыгуусуна Twitter жана Facebook интернет тармактары шарт болуп берген.

> Жаңы Конституцияга Египеттин дини сунний жана ханафий багытындагы ислам деп киргизүү светтик, христиан, шииттик жана салафий көз-караштагыларды нааразы кылып, коомду бөлгөн. Нааразычылыктар аскердик төңкөрүшкө алып барып, өлкөнүн президенти Мухаммад Мурси камакка алынган

Тунистин үлгүсү Ливия, Сирия, Йемен, Египет жана Бахрейндеги нааразы күчтөргө дем берип, ал өлкөлөрдө да ыңкылаптар ишке ашкан. Бирок алардын баары бул өлкөлөргө терс натыйжа берген. Ливия түндүк-түштүк региону бөлүнүп, азыркыга чейин кагылышуулар токтобой келет. Сирия этникалык, диний жана идеологиялык араздашуудан улам бирдиктүү мамлекет катары сакталып калуусу арсар болуп турат. Йеменде хусилер аттуу шииттер тобун Иран, калган сунний тобун Сауд Аравиясы колдоп, жарандык согуш отуна куурулуп турган кези. Египеттеги ыңкылаптан кийин бийликке келген "мусулман бир туугандар" саясий тобу коомдун таасирлүү тайпалары менен тил табыша албай, аскердик төңкөрүш менен бийликтен куулуп, аларды жандагандардын бир канчасы капаска ыргытылды, бир тобу качты, бир тобу өлтүрүлдү.


## Тунис элитасынын акылмандуулугу

Ушундан улам "Эмне үчүн ыңкылаптар ар кандай натыйжага алып келди?" деген суроо пайда болот. Эмесе араб жазынын таңы аткан бардык өлкөлөрдү талдап көрөлү. Мисалы, жарандык согуш оту тутанбаган Тунис менен Египетти салыштырсак.

Учурда дүйнө жүзүндөгү бардык ыңкылаптар демократиялык башкарууну орнотуу максатында кылынууда. Тунисте ыңкылаптан кийин Рашид Ганууши баштаган "Ан-Нахда" исламчыл партиясы элдин көпчүлүк добушун алган. Бул Орто Чыгышта кеңири иш алып барган "Мусулман бир туугандары" саясий кыймылынын туністтик бөлүмү деп таанылат. Рашид Ганнуши Каир, Дамаск жана Париждеги Сорбонна университеттерин бүтүргөн. Ал 20 жылдан бери Британияда саясий куугунтукта болгон. Исламдык жана батыш демократиялык башкаруу системасын жакшы билген Ганнуши "Светтик башкаруу шариатка терс келбейт" деген ой айткан. Ал Бен Али өлкөнү башкарып турган убакта күчкө толгон бардык лидерлер менен жолугуп, өлкөнүн келечеги үчүн биригүүгө макул кылган. 2011-жылдын октябрь айында бийликке келген "Ан-Нахда" жалгыз мыйзам чыгаруу жана башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп турса да саясий-экономикалык элитанын биригүүсү үчүн кезексиз шайлоо өткөрүүнү чечкен. Бирок кийин бийликке келчү күчтөргө эки шарт койгон. Биринчиси – жаңы конституция иштеп чыгуу, экинчиси – көз карандысыз шайлоо комиссиясын түзүү. Жаңы шайлоодон кийин "Ан-Нахда" исламчыл партиясы социалисттик көз караштагы партия менен биргe өкмөт түзгөн. Ганнуши утаары алдын-ала белгилүү болгонуна карабай президенттик шайлоого талапкер болуудан баш тарткан.

Жаңы конституция жазылып жатканда Рашид Ганнуши жетектеген саясатчылар исламдык да, демократиялык да принциптерди жакшы билерин дагы бир жолу тастыкташкан. Радикал исламчылар ушул күнгө чейин сиңире албай келе жатышкан "светтик башкаруу" жана "абийир эркиндиги" принциптерин шариатка терс келбегендей жорушкан. Бул принциптерди колдоосу Тунис коомун бириктирүү боюнча күчтүү кадам болгон. "Аялзаты эркекке орток" деген формулировкадан баш тартып, светтик топтор талап кылган "Коомдук жашоонун бардык жеринде аял менен эркек бирдей укукка ээ" деген принципке макул болуусу коомду бириктирген дагы бир күчтүү кадам деп саналган. Мындай кадамдар дүйнөдө демократияны колдогон мамлекеттердин Туниске ыкчам жардам берүүсүнө да себеп болгон.

Ошентип Рашид Ганнуши жетектеген исламчыл саясатчылардын өлкө кызыкчылыгын жеке амбицияларынан жогору коюп, өзүм билемдиктен алыс болуусу учурда Тунисти Орто Чыгыштагы ислам дүйнөсүнүн үлгүлүү мамлекетине айлантты. Албетте, өлкө туруктуу бойдон калуусу үчүн дагы көптөгөн аракеттер кылынуусу шарт.



Сүрөт ▸ AFP

## Египеттин башына келгендердин коомду бөлүүсү

Таң калыштуусу – Египетте да 2011-жылдын февралында ишке ашкан ыңкылаптан кийин бийликке "Мусулман бир-туугандары" исламдык кыймылынын өкүлдөрү келген. Бирок алардын бийлиги Тунистегиден тетири натыйжа берген. Мухаммад Мурси Рашид Ганнушидей биринчи эмес, экинчи турда президенттикке жеткен. Ал жетектеген "Эркиндик жана адилеттүүлүк партиясы" (ЭАП) өлкө парламентинин 47,2 пайызын алган. 2012-жылдын ноябрь айында Мурсинин парламенттин Жогорку палатасы менен Конституциялык ассамблеяны сот аркылуу таратууга тыюу салган жана өзүнө "Ыңкылапты коргоп калуу үчүн каалагандай декрет чыгара алат" деген конституциялык декларацияга кол коюусу оппозициянын нааразылыгына себеп болгон. Ошону менен өлкөдө кайрадан Мурсиге жана анын партиясына каршы акциялар башталган. Жаңы жазылып жаткан Конституцияга Египеттин дини сунний жана ханафий багытындагы ислам деп киргизүүсү светтик, христиан, шииттик жана салафий көз-караштарды кармангандардын нааразылыгын жаратып, коомдун бөлүнүүсүнө себеп болгон. Натыйжада экономиканын жарымына жакынын башкарган аскердик элитаны жогоруда айтылган нааразы топтордун элитасы колдоп, көп күндүк митингдерден кийин аскердик төңкөрүш ишке ашкан. Мухаммад Мурси баш болгон ЭАПтын жетекчилиги абакка алынган. Акыры Египетте "Мусулман бир-туугандары" кыймылы террордук уюм деп табылып, ага жан тарткандардын бир бөлүгү камалып, качканы качып, калганы көмүскө аркеттерге өтүүгө мажбур болгон.

Египетте ыңкылаптан кийин бийликке келген саясий элита топтук кызыкчылыктарга алдырган. Алар исламдын талаптарын демократиялык принциптерге карама-каршы коюп, өздөрүнүн илимсиздиги менен тар ой жүгүртөрүн ашкерелешкен. Тоң моюндук менен "Биздики гана туура" деген саясаты өлкөнүн элитасын жериген, дүйнөдө либералдык демократияны колдогон мамлекеттерди чочуткан. Натыйжада коомдун бөлүнүүсүнө, миңдеген тарапташтарынын куугунтукталуусуна, кан төгүлүүсүнө себеп болушкан.

## Тунис менен Египеттин кыргыз жетекчилигине берген сабагы

Тунис жана Мысырды (Египет) карап туруп чоң сабак алса болот. Коомдун орток келишими бул Конституция. Конституцияда бардык эрежелер так, даана жана түшүнүктүү жазылышы зарыл. Анда бирөөлөрдү басынтып укугун чектеген, экинчилерге өзгөчө артыкчылык берген беренелер болбошу керек. Учурдагы саясий элита элди бөлүп жарган, жеке адамдардын аброюна шек келтирген риторикадан алыс болуп, тетирисинче, элди да, бардык элиталарды да бириктирген саясат кылганы жакшы. Бийлик өз партиясынын, андагы тиң чыкмалардын кызыкчылыгын эмес, жалпы элдин жана өлкөнүн келечегин көздөш керек. Коомдун тең салмактуулугуна таасир берген бардык күчтөрдү эске алып, аларды таразанын ортосуна, тактап айтканда, орток пикирге тартышы зарыл. Албетте, элдин Конституцияга көңүл буруп, аны талкуулаганы жакшы жөрөлгө. Бирок шашылыш кабыл алынган нерсе эч бир убакта бышып жетилген болбойт. Ошол эле Тунисте Конституция ыңкылаптан кийин үч жыл өткөн соң 2014-жылы кабыл алынган. Египетте болсо ызы-чуу менен коштолуп, ыңкылап болгондон кийинки жылы кабыл алынып жиберилген. Учурдагы Баш мыйзамыбызда кемчиликтер болгону менен дүйнөдөгү демократиялык өлкөлөр туура деп тапкан. Аны 2020-жылга чейин тийбейбиз деген мараторийге карабай бир жыл ичинде өзгөртүп жиберүү аракеттери жалпы элдин кызыкчылыгын эмес, саясий топтордун кыска мөөнөттүк кызыкчылыктарын көздөп турганасыйт.

Саресеп гезитинин
аналитикалык тобу

# Кийинки Стив Жобс Кыргызстандан чыгат



**Азаттык үналгысынын «Эгемендүүлүк-25» долбооруна Америка Кошмо Штаттарынын катардагы мектебинде алты жылдан бери англис тили боюнча мугалим болуп иштеп жаткан мекендешибизден чакан макала келген. Эрмек Жунушев бул мектептин бүтүрүүчүлөрүн жогорку окуу жайларга тапшыртуу милдетин да аркалайт. Учурда бүткүл дүйнөгө таанымал Гарвард университетинде билим берүүдө башкаруу жаатында магистратурасын жактаганы турат**

## Сникерс мен үчүн жаңылануу болду

Эгемендиктин алгачкы жылдарын эстегенде "Менчиктештирүү/ Приватизация" деген чоң тамгалар менен жазылган баннерлер, бөтөлкө терип нан алгандар, "Берчи көрүп берейин, жаңы он тыйын ушундай болот экен, ээ" деп таң калгандар эсиме түшөт.

Муну менен бирге эле кыялым жетип, бирок кол жетпеген "Кока-Кола", "Сникерс", "Американский" деп аталган кинобу, кийимби, ырбы, айтор, эзели кулак укпаган жаңы аталыштар менин дүйнө таануумдун ажырагыс бөлүгү болуп калыптыр.

Артка көз чаптырганымда канчалык жөнөкөй нерселердей сезилсе да, бала катары "Макдоналдс" же "Сникерс" мен үчүн жөн гана азык-түлүк эмес, жаңыланууга умтулуунун стимулу болгон. Нью-Йорк, Лос-Анжелести экрандан таанып токтобой тамшанган жана менин билген дүйнөмдөн башка дүйнөнүн бар экенин аңдоо менин кичинекей ачылышым болчу. Бул эгемендиктин белеги экен деп ойлоп калам.

Эгемендүүлүк менин балалык доорума туш келгендиктен курсагым ток болгонуна ыраазы болуп чүкө атып жашоодон ырахат алчумун. Мамлекеттик деңгээлде саясатта, билим берүүдө, дегеле коомдук жашоонун тепкичтеринде кандай трансформация жүргөнүн кийин тарых китебинен окудук. Андыктан өлкөбүздүн социалдык-экономикалык тармакта басып өткөн жолун масштабдуу чагылдырүу мүмкүнчүлүгүм чектелүү. Бирок бул баянымда эгемендүүлүктүн глобалдуу түрдө адамзатка, анын ичинде кыргыз элине тийгизген таасирлери жөнүндө ой толгоо мүмкүнчүлүгүн көрдүм.

## Эркиндик болбосо айфон болмок эмес

1916-жыл кыргыз эли үчүн боштондук жана эркиндикке умтулуу катары сыпатталат. Ал эми дүйнөлүк аренада ошол эле жылы адамзат мурун билбеген жаңылык орун алды. Жон Рокфеллер дүйнөнүн туңгуч миллиардери аталды. Жон Морган менен Эндрю Карнэги 1901-жылы капиталдык баалуулугу 1 миллиард АКШ долларга барабар Америка болот иштетүүчү компаниясын курушат. Корпорация дагы эле дүйнөдө ири болот иштетүүчү катары эсептелинет.

Арадан бир кылым өттү, дагы эле инноваторлор Стив Жобс, Билл Гейтс, Уоррен Бафет, поп-жылдыздар Майкл Жексон, Уитни Хьюстон, спорт чеберлери Мухаммед Али, Майкл Жордан жана башка дүйнө тааныган титандар азаттыкты туу туткан АКШдан чыгып жатат. Мунун сыры эмнеде? Бул адамдар башка өлкөлөрдө туулуп-өскөндө биз тааныган эле гигант болот беле же кетмен чаап, такси айдап өтүп кетет беле? Албетте, кетмен чабуу, же такси айдоо адал эмгек жана менин бул кесиптерге жаман оюм жок. Айтайын дегеним, дүйнө бүгүн "Айфон" тааныйт беле, компьютер колдонот беле, инновацияга ачык болот беле, коммуникация түп тамырынан өзгөрөт беле? Бул феномендердин түпкүрү эркиндик жана эркин ой жүгүртүүдө.

## Ачка адам асманды карап жылдыз санабайт

Совет доорун эңсеген улуу муун өкүлдөрүнөн угуп калчумун, "Атаң көрү, нан мынча тыйын, сүт тигинче тыйын эле" деп. Бул аргументти колдобосом да, улуу муундун ностальгиясын толугу менен түшүнөм жана аргасыздыктын күүсү катары баалайм. Ойлоп көрсөңүз, үйдө бала ачка болсо, колдо каражат жок, андан да каражат табууга жөндөм болбосо, базар экономикасынын шарттарына туруштук берүү жеңил-желпи иш эмес. Совет доорунда ар ким иш менен камсыз болчу, эл алганды алып баары бирдей жашачу. Мамлекет иш менен камсыз кылгандыктан, ойлонууга, прогресске умтулууга, инновацияга стимул болгон эмес. Башкача айтканда, талант өстүрүү, жөндөмдүүлүктү арттыруу, инновативдүүлүгүнө жараша баа берүү болгон эмес.

Ар бир индивид ар башка таланттары менен жаралган жана эркиндик ошолорду ишке салууга өбөлгө түзөт. Стив Жобс Apple'ди түзүп жатканда умтулуусу болгон. "Эгер мен бул компанияны түзсөм, ишим оңунан кетсе, бул мага эбегейсиз киреше алып келет, мамлекет бут тоспойт, эч ким интеллектуалдык же материалдык мүлкүмдү тартып албайт, жашоомо коркунуч туудурбайт жана адамзаттын коммуникация түшүнүгү түп тамырынан өзгөрөт, ошондуктан инновациянын жолу менин жолум экенин билер элем» деген экен. Бул тырмакчанын ичиндеги ойлор эркиндиктин белеги.

## Капастагы куш көнгүчө капасын сагынат

Кыргызстанга келгенде, ооба, мурункудай тыйынга нан же башка керектөөлөрдү сатып алалбайбыз, бирок бул такыр эле жаман көрүнүш эмес. Анткени биз азыр эгемендик учагына минип дүйнөнү таң калтырган ачылыштарды, адамзатка пайдалуу техника, Марска барчу роверлерди жана башка Made in Kyrgyzstan буюмдарын жасап, күнүмдүк көр оокаттан алда канча жогору болгон ой жүгүртүү эркиндигине ээ экенибизди билебиз.

Баарыбызга маалым болгондой, капастагы куштун сценарийине көз чаптырсак. Канчалык алтын жасалгалуу болбосун, куш тордун артында жана ар дайым ачык асманды каалайт, көөнү толо эркиндик абасын алгысы келет, зымырап учуп ачык мейкиндикти багынткысы келет. Бирок өкүнүчтүүсү куш тордон бошогон күндө да жашап кете алабы деген коркунуч туулат жана анын айлана-чөйрөгө көнүүсү убакыт менен энергияны талап кылат. Физикалык боштондук болгону менен куш тордун ичинде эркин жашоо үчүн керек болгон жөндөмүн жоготуп, эркиндикке чыкканда кыйынчылыктар менен бетме-бет келет. Бул биздин улуу муундун Совет доорун "сагынуусунан" көрүнүп турат.

## Бизди сөзсүз бирөө башкарыш керекпи?

Ошол эле учурда элдин кужурмөн эмгегинин натыйжасында физикалык керектөөлөрдү канааттандыруу мүмкүн экенин көрдүк. Бирок куш, фигуративдүү түрдө, интеллектуалдык торго да кабылганы үчүн ал тордон кутулуу алда канча көп энергияны талап кылат. Интеллектуалдык тордун белгилерине мисал, "Бизди орус падышасы эмес, немистер алганда жакшы болмок, балким Мерседес айдап, немисче сүйлөп калат белек? Бизди А эмес, Б башкарса болмок, болмок, болмок...» Куш тилинде бул, "Тор ичинде кала берейин, бирок кара нандын ордуна, каймак менен нан чайнайын" дегенге жакын. Эгемендүүлүк бизге коркунучтуу "болмоктордон" бошонуу мүмкүнчүлүгүн сунуштады. Анын натыйжасында биз интеллектуалдык тордон интеллектуалдык жарылууга бет алып "башкарса болмок" деген деструктивдүү логикадан "башкарабыз" деген умтулууга багыт алышыбыз керек. Себеби белгилүү. Өзгө бизге өзүбүздөй жакшылык каалайбы?

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстан демократия, эркиндик жолунда чоң кадамдарды шилтеди. Буга далил биздин Орто Азия, керек болсо постсоветтик мейкиндикте алган ордубуз күбө боло алат. Ошол эле кезде эркиндик принциптерин мындан да ары өнүктүрүп, башка өлкөлөрдүн стандарттары менен жашабай, биздин стандартыбыз башка өлкөлөрдүн кыялы болгондой иш алып баруубуз зарыл. Бул багытта жол жүрүп интеллектуалдык тордон толугу менен кутулсак, анда биздин кыялыбыз, эркин ой жүгүртүүбүз кийинки Стив Жобстун Кыргызстандан чыгуусуна өбөлгө түзөт.

## Орто Азиянын мээ магнити бололу

Жалгыз гана алма-өрүк, азык-түлүк эмес, балким Кыргызстан интеллектуалдык экспорттун, адам капиталынын түйүнүнө айланат. Бүгүнкү күндө Гарвард же Стэнфорд университеттерине дүйнөнүн "акылдуулары" жарыкка учкан көпөлөктөрдөй тартылган болсо, ошондой эле биздин да Орто Азиянын "мээ магнитине" айлануу мүмкүнчүлүгүбүз жок эмес. Албетте, бул кыял, бирок ар бир чоң иш кыялдануу менен башталат.

Ошол эле кезде эркиндик менен жоопкерчилик да келет. Алардын ичинде эркиндикке коркунуч туудурган бөгөттөрдү жокко чыгаруу, эркиндиктин баалуулуктарын сактоо жана андан ары күчтөндүрүү, себеби эркиндик төрт же үч бурчтук эмес, ал тегерек формасында – аздектеп карабаса айланып кетип калат.

Туулган күнүң менен, Кыргызстан!

ЭРМЕК ЖУНУШЕВ

# Эч ким, эч нерсе, эч качан унутулбайт!

Быйыл Үркүн кайгысына 100 жыл толду. Мындан келди быйылкы жылды «Тарых жана маданият жылы» деп да жарыялашкан. Бирок, кандай кылган күндө да бизде Үркүнгө толук маани берилбей, кандайдыр бир жаап-жашырылып, көмүскөгө түртүлүп келаткандай. Анткени менен, шибеге капка катылбагандай эле, тарыхта оркоюп окуя болбой эле элдин эсинен кетпей, кайра-кайра айтылып келет. Эмесе, ошол кайгылуу көз ирмемден бир көрүнүштү айтылуу Бейшенбек Бекешовдун баракчасынан алып чагылдыра кетсек...




Көлдөгү Барскоондук бапа туугандарыма барып аралашып, бир чарбалык иш менен алектенип жүргөнүмө бир нече жыл болду. Коймаарек, сырттан келгендерге ысык-суугу жок, сөз кадырын да, адам кадырын да астыртан билип мамиле кылган нарктуу журт экенине улам көбүрөөк ынап барам. Улуу-кичүү чогулган жердин баарында эл көйгөйү ачык айтылып, кимдир-бирөөдөн айбыгып, куйтуланган кишини учурата элекмин. Саясий шылуундуктарды ийне-жибине чейин билип, ичеги кардын артпаса да, элеттик баёолук менен дүйнөнү түшүнүп, өздөрү үчүн майнаптуу мамилени кармануга жараган эл экен. Үркүн маселесинде да булардын саясатчыларды да, окумуштууларды да, дегеле кимди да болсо ордуна коюп коёр өз чындыгы бар.

Алардын бири ошол каргашалуу баш оона айында Барскоон капчыгайынын Чаар-Арча деген жеринде көгөндөлүп кырылган беш жүзгө жакын катын-бала менен кары-картаң. Жазалоочу казак орус отряддарынан качып, будуң-чаң түшүп үрккөн эл атчан-жөөчөн күргүштөп Барскоон капчыгайы менен Сыртты карай жөнөйт. Эр бүлөлөрдүн башы эптеп биригип, эл агымын жөнгө салууга жетишет. Куугундун алдына тосот уюштуруп, ар кайсы жерден таш кулатып, бардаңке атып, убакыттан аздап утуш алышат. Катын-бала менен чал-кемпирлерди Чаар-Арча деген чер токойго жашырып коюп, негизги көчтү аздыр-көптүр мал-жаны менен Сары-Мойнок ашуусун ашырууга үлгүрүшөт. Узак жолго камы жок куугунчулардан куйругун үзүп, коопсуз жерге жеткен соң субай-салтаң жашырылгандарды кайрылып келип алып кетмек болушат.

Түшкө киргис алаамат мына ушул жерде башталат. Жети кишиден турган, тишине чейин куралданган жазалоочу топ ашууга кеткендерди таштап, бапанын өз ичинен чыккан тыңчынын көрсөтмөсү менен түз эле тайган таппайт деп жашырылган Чаар-Арчадагы шоргелдейлердин үстүнөн түшөт. Койчо ийирип камап, амалданып асманды карай аткылап, биринин колун бирине байлатат. Байлатпаганыңды да, байлабаганыңды да атам, соём, кылычтайм деп опузалап аргасын курутат. Байлоо боюнча кыргыздан өткөн адис барбы. Күрмөп, казык баш чалып, чиелеп, эки жашаса да чыккыс, чечилгис кылып байлап киришет бири бирин.

- Кокуй байлабагыла! Баарыбызды байлап алып четинен соёт булар, - дейт бир дарысы.

- Койгулачы, кантип эле ошого батынсын. Ушинтип опузалап коё берет да, - дейт дагы бир дарысы.

- Байланып өлгүчө тытышып өлөлү! Булар аз эле киши экен. Ажалы жогубуз кутулуп кетербиз, - дейт бирөөлөрү.

- Кары-картаң менен катын-баланы каапыр деле өлтүрбөйт. Кайрыдин кантип ошого барсын, - дейт дагы бирөөлөрү.

Акыры тыңчынын ишарасы менен каршылыкка чакыргандардын жаагы басылып, акыркы кишиси калгыча бири бирин көгөндөп бүтүшөт. Колу бош калган акыркы шордуу баш кесердин кылычы менен кыя чабылып жан таслим болгондо гана түшүнөт баары кандай каран күнгө туш болушканын. Билгенде эмне, көргөндө эмне, кокуйлап кыйкырып-өкүргөндө эмне, улуп-уңшуганда, ботодой боздогондо эмне!?

Жети баш кесердин бешөө беш жүз кишини ок коротпой кылычтап кызыл кыргын кылууну арасындагы эки жаш үйрөнчүккө тапшырып коюп, жамбаштап жатып карап олтурушат. Беш жүз кишинин бири да кутулуп кетүүгө жарабайт. Бири да! Чала өлүк болгондорун кошумча текшерип штыктап сайып тынчытышат.

Баш кесерлерди ээрчитип келген жанагы тыңчы же ушунун баарын карап турганын, же кетип калганын билбейбиз. Ал тууралуу кабарыбыз жок. Аны керек киши Барскоондуктардын өздөрүнөн сурап алса болот. Ошентсе да бул кыргын жайында жети баш кесер менен 500 өлүктөн сырткары дагы Бирөө болгон. Ал Жараткан Кудай эле. Кыргыз деген элди, кыргыз деген элдин эс тутумун миңдеген жылдардын арасынан ушул күнгө чейин алып келген бир Кудай эле. Ал 500 өлүктүн ичинен штык сайылып, ичегиси чубалган алты жашар Бектен деген баланы тирүү коёт.

Анан да ошол Чаар-Арчада беймаал өткөн кишиге катын-баланын улуп-уңшуп, боздогон үндөрү күнү бүгүнкө чейин угулуп турат.

Ошол каргашанын жалгыз күбөсү Бектен ата тамтыгы кеткен курсагынын тырыктары менен 86 жашка чыгып, Үркүндүн 80 жылдыгына чейин жашап каза болгон. Урук-тукуму, чоң-чоң кызматтарда иштеген бала-бакырасы бар. Азыркы Барскоондук бапа атпайдын баары Бектен атанын, ошондо шейит кеткен 500 кишинин тууган уругунун сөзүн угуп чоңойгон. Бирок алардын бирөөнүн да оозунан орус көрсөң баса кал деген сөздү да, орус аттууга кучунашы кармаган сезимди да байкаган жокмун. Алардын баары азыркы орустардын ошол баш кесерлерге кыпындай тиешеси жок экенин беш колундай билет. Бирок ошол тарыхты айтпайлы, унут кылалы дегендин артында өз ичибизден чыккан чыккынчылык бар экенин да бөркүндөй эле көрүшөт. Себеби чыккынчылыктын бир жолу курмандыгы болгон эстүү элге мунун баары айдан ачык.

## Кымыз эң кымбат ичимдик

Маданият демекчи, биздин маданиятыбызга ошол эле улуттук кийим-кечебиз, каада-салтыбыз, тамак-ашыбыз, ичимдиктерибиз кирет эмеспи. Бирок, тамагыбыз айрылганча кыргыз, кымыз деп кыйкырганыбыз менен, капкайдагы бирөөлөр өз ичимдигинен коркуп киргизе калган мыйзамдын арты менен биздин улуттук тамактар да чектөөгө кабылып, бир кылт эткен кыяматты чакырган кылмыш кылгандай суракка алынып, жоопко тартылып келет. Эмесе айтылуу Жамалбек Ырсалиевтин баракчасынан:

СҮЙҮНЧҮҮҮҮҮҮ! СҮЙҮН АКЕ СҮЙҮНЧҮҮҮ!....Сүйүн акем сүйүнчү берээээт!]]]) Менин жашоомдогу эң кымбат кымыз! Күнөө менде. Кошунамды кымыз ич деп чакыра калып... Менин үйүмдөн дал ушул бөтөлкөдөн, так ушул кымыздан бир чыны куюп бергем. Туңгучтан чыгып Ауэзова көчөсүнө кайрылган жерден ПМ(гаи) кармап алыптыр. Машинасын түз эле наркологияга айдатып жөнөйт. Аркасынан бардым. Такси менен. Себеби мен ям ичкем кымыздан. Кошунам болсо бир эле чыны кымыз ичкем деп ачыгын эле айтып отуруптур. Акеледик-жакеледик болбоду. Машинабызды айыппул төлөөчү шаардык МАИнин унаа токтотуучу жайына токтотту. Кошунам иним үчөөбүз түн ортосунда үйгө жөө жөнөдүк. Эртеси начальнигине бардык. Айыбын төлөп машинабызды чыгарып кеттик. Калп айткан менен болобу жетекчилиги жакшы кабыл алды. Жылуу тосуп алып акырын гана жумшак жерибизге тээп жолго салды. Айдоочулук күбөлүктү сот аркылуу аласыңар деди. Арадан он күн өтүп бүгүн сот болду. Он миң сом айыппул төлөдүк. 40 жашка чыкканча канча кымыз ичтим бир Кудай билет. Бирок, бир чынысы он мин сомдук кымыз көргөн эмесмин. Желмогуздун чоңунан кичинеси кыйын дегендей шаардык МАИ жетекчилиги сыйлаган менен катардагы инспекторлор жакшына иштеп койду. Бир чыны кымыз үчүн мамлекетке он миң сом төлөп кошунам экөбүз аябай сүйүндүк. Кыргыздын кымызын кымбаттаткан кайран менин кошунам атына заты жарашкан Манас! Ылайым бизден түшкөн акча мамлекеттин казынасына кетсин. Сол чөнтөкө солонуп кетпей. Кечир, кошуна экинчи жөө жүрсөң да кымыз бербейм. Себеби, сени мен кыйнап ичирип коюп, анан коргой албай калдым. Себеби... биз карапайым адамдардын балдарыбыз. Аталарыбыз министр же чоң эмес! Күнөө менде... Кыргыздын улуттук суусундугу ушунчалык кымбат бааланганына сүйүнүп кала берели. Жеңеңдин пенсиясы тийсе айыппулуңду жок дегенде тең бөлүшөм!!!

Эскерте кетсек, Украина мамлекетинде айдоочулар үчүн спирттик ичимдиктин өлчөмү эркек-аял дебей бирдей 0,20 промил экен. Бирок, албетте, бул өлчөмдөр ар бир адамдын өз салмагына жараша таасир берет. Иликтөөлөр боюнча 0,20 промилл болуш үчүн эркек 200 грамм, аял 100 грам вино, же шампан ичүүгө, арак же коньяктан эркек 50 гр., аял 30 гр. ичүүгө жана эркек 500 гр. аял 330 гр. сыра ичүүгө туура келет. Алкоголдук ичимдиктин өлчөмү ичкен адамдын өздүгүнө жараша ашказанга киргенден 30 мүнөттөн кийин өзгөрүп кетиши мүмкүн. Бирок бул өлчөмдөр Кыргызстанда канча экенин, айрыкча кымыздын кубаты канча болорун эч ким тактай элек. Айтмакчы, өнүккөн өлкөлөрдө кандайдыр бир нерсе үчүн айыппул төлөтүү жөн гана бүжеттин толтуруунун ыкмасы деп айтылат. Алар айыппул төлөтүүнүн эмес, андай терс көрүнүштү болтурбоонун камын көрүшөт. А бизде, кылт этсе экен деп тилеп, чөнтөгүндү андып турушат жарыктыктар...

Фейсбуктагы баракчалардан



# Эки баланы асырап алган милиция кызматкери

Милицияда иштечүмүн. Оңой жумуш эмес. Күндүр-түндүр эле ызычуунун үстүндө жүрмөй. Бир ирет "коңшуларыбыз тынчтык бербей жатат" деген чакыруу келип, шаардын чок ортосундагы көп кабаттуу үйгө бардык. Мындай чакыруулар толтура эле болот.

Кептин баары аракта да. Андайда масты алып келип, бир жумадай камап салабыз. Айткандай эле, мас экен. Күйөөсү-аялы экөө тең жапжаш кыргыздар, экөө тең мас. Ызы-чуу түшүп мушташышкан окшойт. Үй ичинин баары идиштин сыныгы. Күйөөсүнүн колун кайрып алып жөнөгөнү калганбыз, капыстан эле эшиги жабык турган бөлмөдөн добуш угулду. Карап коёончу деп ача салып жүрөгүм үшүй түштү. Бөлмөдө төрт жаштардагы кыз, анан эки жаштардагы эркек бала жүргөн экен. Экөө тең мени карап алактап коркуп калышты. Мен жаш балдардын мынчалык муңдуу көздөрүн көргөн эмесмин. Эч кандай баёолук, адамды кызыгып, күлүп кароо деген жок, коркунуч гана бар. Экөөнүн тең кийимдери кир, чачтары өсүп, уйпаланган, майланышкан. Эркек баланын алдында эч нерсе жок. Ысык суга күйгөн окшойт, буттарында суга толгон ыйлаакчалар.

– Силердин балдарыңарбы?

– Ооба, – аял көңүлсүз жооп берди.

– Мен силерди тынч отургула дебедим беле?!– деп кызды баштан ары чаап жиберди. Нес болуп эле туруп калдым. Кыз басып барып жерде турган табакка кашык салды да:

– Кел, Нуйчик, ап де,– деп инисин чакырып ага тамак бере баштады. Тамагы кадимки эле кукси. Бала отурбай жеп жатты. Кыязы, бутундагы ыйлаакчалары ооруйт окшойт.

– Бул эмне кылганыңар?! Балдардын кебетеси кантет?

– Байке, сиздин ишиниз эмне?! Чыдамым түгөндү. Билбейм кандай ойлойсуңар, бирок өзүмдү кармай албай койдум. Тарс эттире келинди жаактан ары чаптым. Күйөөсү жүткүндү. Аны баса калып эзелки өчүм бар кишидей жанчып салдым. Экөөнү тең эшикке сүйрөп чыгып кайра кирсем, баягы кичине кыз инисин артына калкалап:

– "Байке, уйушпаңызчы? Нуйчикке тийбеңизчи?" деп ыйлап жиберди. А бул байкуштардын күнөөсү эмнеде эле? Мен өлүп жаткан адамдарды көргөм, алардын жакындары ээ-жаа бербей өксүп ыйлагандарын көргөм. Бирок көзүмдөн жаш чыккан эмес. Азыр бети-башы кирден ботко болуп, балалык деген эмне экенин билбей, таш боор ата-энесинин токмогун кадимки эле нерседей кабылдап, бирок ошондо да өзүнөн алсыз, кичине бир тууганына кам көрүп, аны калкалап турган кызды көрүп ыйлап жибердим.

Көрсө, күчтүү адамдардын алдында ыйлайт экенбиз. Мен аны ошондо түшүндүм. Экөөнү кучактап алып ыйлай бердим. Токтоно албай койдум. Балдарды убактылуу балдар үйүнө алып кетишти. А тиги эрди-катын "Бизди сабады" деп үстүмдөн арыз жазып коюшуптур. Жумушумдан алып коюшту. Мейли, өзүм деле кетмекмин, ага кейиген жокмун. Оюм башкада болчу. Мен тиги эки балакайды таштап кете алмак эмесмин. Келинчегим колдоп, арыбери чуркап жүрүп акыры экөөнү тең өзүмө каттатып багып алдым. Билесиңерби, мен азыр абдан бактылуумун. Кызым Анель өзгөчө боорукер, күйүмдүү жан. 1-класста окуп жатат. Уулум Нурдан апасынын жанынан карыш жылбайт. Кээде Анель "Сен бизди кайра алып барып койбойсуңбу?" деп жүрөктү эзет. "Жок, эми силерди эч кимге бербейм! Силерсиз кантип жашайм", – деп жооткотом. Азыр алар ини күтүп жатышат. Жакында төрөт үйүнө жасанып алып барабыз. Бакыт…

# Жолдон таш көрсөң, айланып өтпө

– Адилеттүү өкүмдар хансарайга алып бара турган жолдун ортосуна очойгон таш койдуруп коёт. Ары-бери өткөндөр буга кандай карап, кандай баа берерине назар салып, терезесинен байкап турат. Түшкө чейин бул жолдон өкүмдарга жумуштап келген мамлекеттик кызматкерлер, байлар, соодагерлер өтөт. Алар ташты айланып өтүп, заар тилин агытып ташты коюп койгон кишини тилдеп, ашата сөгүп өтүп жатышты. Кээ бирөөлөрү жол үчүн элден канча салык алынып жатканын айтып наалышып, тиешелүү кызматтардын кыймылдабай турганына кыжыры кайнап, кыйкырынып өтүп атышты. Буларга окшогон сүрмө топтун аягы суюлганда акырында өзү өстүргөн бакчадан ширелүү мөмө-жемиштерди ханга ооз тийгизиш үчүн алып келе жаткан бир карапайым жигит чыга келет. Ал жолдогу ташты көрүп, жонундагы жүгүн жерге түшүрөт. Ташты бир айланып чыгып, жолдун чекесине чыгарууга аракет кыла баштайт. Жан алекетке түшүп жатып акырында мончоктой төгүлгөн терин күбүп жаты, ташты жолдон обочо жерге чыгарат. Көтөрүнүп келе жаткан жүгүн алайын деп, таштын мурдагы ордунда жаткан баштыкка көзү урунат. Таңкалып ичин ачып караса, ичи толо алтын менен кошо жүргөн бир жазуу бар экен. Кагаздын бүктөмүн жазып караса "Бул ташты жолдун четине чыгарган кишиге ушул алтын белекке!" деген жазуу жазылып турган экен.

# Жаз күнү кандай сонун

Мугалим жадыраган жаздын күнүндө шаардын көчөлөрүнүн биринде сейилдеп келатып, тилемчилик кылып турган бир бечараны байкайт. Албетте, жаз күнү шаардын көркүнө көрк кошуп, бак-дарактар бариктерин ачышып, баштарында түркүн куштар созолонто сайрашып адамдын көңүлүн эргитет эмеспи. Ушул кооздукка коошпой турган бир гана кайырчы эле. Ары-бери өткөндөр буга анча деле маани бербегендей. Көз кырына илинсе мурдуларын чүйрүшүп жийиркенип өтүп жатышты. Шаар ичинде кайырлуу адам калбай калгансып, жада калса тилемчилик кылган кутучасы да бош экен. "Ээ, шордуум, сени энең ушундай болот деп төрөбөсө керек. Айлаң канча тагдырын ушуга такаган экен сени. Сага бору ооруган киши калбай калганбы ушул чон шаарда?" – деп зээни кейип, бул үчүн эмне жакшылык кыларын да билбей кетти. Анын кутучасынын түбүндө "Тубаса көзү азиз" деген жазуусу гана бар экен. Мугалим картондон жасалган жазууну колуна алып, аркасына ойлонуп туруп бир нерсе деп чиймелеп арыбери өткөндөргө көрүнгүдөй кылып коюп коёт. Жолдон өтүп бараткан адамдар эми бул карып адамга кайдыгер болбой, эңкейип кутучасына акча сала баштаты. Көрсө, ошончо кишини таасирлентkенге бир эле сүйлөм жетиптир. Кагазда "Жаз күнү кандай сонун… Атаганат, бирок мен муну көрө албайм" деген жазуу жазылып калыптыр.

Даярдаган
ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ



# Бул макала британдарга колун жуудурткан

Ажатканага барган соң, же тамак алдында кол чайкоо бардык жугуштуу оорулардын алдын-алуунун эң башкы чарасы. Биз жагымдуу болуш үчүн дезодорант, ооз чайкаган суу жана сагыздарга көп акча коротобуз, бирок ден-соолуктун эң сонун коргоочусу болгон самын жана сууну көз жаздымда калтырабыз

## Чымындын зыяны XX кылымда билинген

Автоунаа жок викториан доорунда британ шаарлары чымындын чордону болгон. Себеби алар аттын тезегинде аябай жакшы көбөйүшкөн. Тамак-аш сактаган муздаткычтар болбогондуктан ажатканадан чыккан чымындар таттуу салынган, сүт куюлган идиштерге, жержемиш, нан жана чийки этке конушкан. 1903-жылы Брайтондук дарыгер кембагалдын үйүнө зыяратка барып «Чымындарды жарым аяк каймактан сууруп чыгышты» деп сүрөттөгөн. Ашкананын көбүндө чымындар адат болуп, аларды эч зыянсыз деп ойлошкон. Бирок алар көптөгөн адамдардын өлүмүнө себеп болушкан.

1900-жылдары гана дарыгерлер чымындын баркут буттарында адамга зыяндуу оорулар жабышып жүрөрүн билишкен. 1911-жылдын ысык жайында ымыркайлардын ич өткөктөн өлүүсү элдин баарын дүрбөлөңгө салган. Британ дарыгерлери жарандардын чымынга болгон мамилесин өзгөртүү үчүн чара көрмөй болушкан. 1914-жылы медицинанын жаңы пайда болгон оорулардын алдын-алуу боюнча адиси: «Чымын жийиркеничтүү жана коркунучтуу зыянкеч экенин эл билиши зарыл», – деген.

## Чымынга каршы плакаттар

Ошентип Британияда чымынга каршы күрөш башталган. Ал кампания убагында түрдүү плакаттар тартылган түшүндүрүү иштери күч алган. Анда чымындын зыяны гана түшүндүрүлбөстөн, Лондондун тазалык мектебинин тарыхчысы Энн Харди жазгандай «жийиркенүү сезимдерин калыптоо» максаты коюлган. Мектеп, бейтапкана жана башка коомдук жайларда илинген плакаттарда атайылап сүт куюлган идиште, кусундуда, таштандыларда отурган чымындар сүрөттөлгөн. Нажасаттарда отурган чымындын сүрөттөрү бул кампаниянын эн белгисине айланган. Мындай сүрөттөр британдардын намысына катуу сокку урган. Дарыгерлердин энелер менен балдарга чымындын зыяндуулугу тууралуу маалымдоо аракети элдин көңүлүнө жийиркенүү сезимин жайгаштыруу үчүн жасалган. Натыйжада, бул кампания максатына жетип, элдин мамилесин түп тамырынан өзгөрткөн. Ал эми 1913-жылдан баштап ымыркайлардын ич өткөктөн көз жумуусу барган сайын азайып, античымын кампаниясы көп өмүрлөрдү сактап калган.

## Жийиркенүү тазартат

Адамдардын жийиркенгендеги кебетеси окшош. Тырышкан мурун жана кыйшайган ооз. Бул баштапкы сезим адамзаттын жүрүм-турумун аныктайт. Биз сасык жыт таратып чирип жаткан нерсени көрүп жийиркенебиз. Ошондуктан жийиркенүүнү саламаттыкты сактап калуунун негизи болгон сезимдер жадыбалына кошуу зарыл. 2004-жылы Жүрөк оорулары менен күрөшүү боюнча британдык фонд май сарыгып турган сигареттердин сүрөтүн жарыялап, көптөгөн кайрылууларга себеп болгон. 2012-жылы Австралия мындан да илгери кетип, чылым кутусунун сыртына гангренадан чириген колдорду жана дарт илешкен өпкөнүн сүрөтүн жайгаштырып, чылымкорлордун рахаттануусун бузуп, кээсинин бул илдеттен кутулуусуна себеп болгон.

Бирок жийиркенүү сезими учурда тамактануу жана тазалык маданиятын калыптоо үчүн туура колдонулбай келет. Адамдар куурулган боор сыяктуу пайдалуу нерселерден жийиркенип, жуулбаган кол жана газдалган таттуу суусундуктардан жийиркенбейт. Жийиркенүү өлүмгө, же тетирисинче, сапаттуу жашоого себеп экени барган сайын унутулуп баратат.

## Жийиркенүү окутулбайт, көрсөтүлөт

Жийиркенүү сезими адамдардын саламаттыгын сактоодо чоң орду бар экени маалым болсо да эмне үчүн анын туура колдонулбай жатканы табышмак. Лондондун тазалык борборунун профессору Валери Кертистин айтымында, Азия, Африка жана Европа элдерин изилдегенде алар окшош нерселерден жийиркенери белгилүү болгон. Аларга: «Сасык жыт, кыжылдаган курттар, таштандылар кирет. Нажасаттан жер шарынын жашоочуларынын баары жийиркенет. Андан кийинки катарда айбанаттар, курт-кумурскалар, кир, ириң, чачтар жана кан турат», – дейт профессор. Кертисти мунун баары оору жугузуучу же ага ортомчу болгон нерселер экени таң калтырган. Ошондуктан ал «Жийиркенүү сезими адамдарды инфекциялар менен аралашып кетүүдөн коргойт» деген. Окумуштуу: «Эмоциялар адамдын жүрүм-турумун өзгөрткөн эң негизги факторлорго кирет. Билим берүү бул көйгөйдү чече албайт. Бул жерде маселе билимге байланыштуу эмес. Жийиркенүү түшүнүгүн саламаттык сактоо системасы калыпташы керек. Балаңыз күлтүгүндөгү нерсени чукулабашын сөз менен түшүндүргөндөн көрө, бети башыңызды жийиркеничтүү тырыштырып койсоңуз жетиштүү».



## Лондондуктар тазалыкка көңүл бурбаса анан...

Тазалык боюнча тарыхчы Энн Харди XX кылымдын эң чоң жетишкендигинин бири чымындардан жийиркенүү сезимин ойготуу деп эсептейт. Бирок эмне үчүн жийиркенүү сезимин саламаттык сактоонун учурдагы көйгөйлөрүн чечүүгө колдонбойбуз? Кол чайкоо маселесин мисалга алалы. 2010-жылкы изилдөөлөр боюнча британ поезддеринин жүргүнчүлөрүнүн 28 пайызынын колунда нажасат бактериялары бар болуп чыккан. Жугуштуу оорулардын алдын-алуунун эң жакшы ыкмасы – ажатканадан чыкканда жана тамакка отурарда кол жууш экени баарына маалым. Бирок дүйнөдө он адамдын бири гана муну кылат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө самын жана сууга, керек болсо ажатканага жетүү көйгөйү бар десек, телегейи тегиз Лондондо деле колду дайыма жуугандар аз кездешет. Мунун кесепети албетте көп күттүрбөйт. Британияда жыл сайын миллиондогон адам тамактан ууланат. Көөнүгүз айланып баштаганда ашпозчуну же ашкананы күнөөлөп жатып калабыз. Бирок тазалыктын эң жөнөкөй ыкмаларын колдонуу менен жугуштуу оорулардын үчтөн биринен кутулса болот.

## «Кол жуулдубу» десем балдарым олурайып калат

Энн Харди кээде ири дүкөндөрдүн кардарларынын ажатканадан чыккандан кийинки жүрүм-турумуна көз салат. Колду жууп, кургатууга бардык шарттар түзүлгөн жерлерде аялзатынын көбү ажатканадан чыгып, күзгүгө бир карана салып, колун жуубай баса бергендиги таң калтырат. «Балким алар мунун кесепетине көңүл бурушпайт. Алар эшиктин туткасы менен чоргоонун бурoосунда толгон-токой микроб бар экенин ойлонбойт», – дейт изилдөөчү.

Харди жана Кертис менен сүйлөшкөндөн бери балдарым дасторконго отурарда «Колду жуудуңарбы?» деп кыйкырчу болдум. Алар дайыма таңкалуу жана түшүнбөстүк менен мага олурайып калышат. Жуулбаган колу менен кармап алып бирибирин сүйкөмө сыр менен сыйлап жаткан видеону көргөндө ого бетер үрөйүм учту. Буга чейин колумду жууганыма же жуубаганыма көңүл койбой келгенимен чочуладым. Эми тамак алдында колумду жуубай калсам өзүмдү ыңгайсыз сезчү болдум. Чоңойгонго чейин колумду кээде тамактан кийин гана жууганым эсимде калыптыр. Энемди жабышчаак жана майлуу тактар микробдордон көбүрөк тынчыздандырганы эсиме түштү.

## Микробдор чүчкүргөнгө караганда, кол аркылуу бат тарайт таратуу натыйжалуу

Британдыктар жалпысынан алганда жуулбаган колдон анча жийиркенишпейт. Алар жерге түшүп кеткен май сыйпалган нанды шап ала калып жеп салганы, чөнтөгүндө бактерияга каршы гель салып жүрбөгөндүгү үчүн сыймыктанып кетишет. Иммунитетти бекемдеш үчүн анча-мынча микроб сөзсүз керек эмеспи? Эч ким кол жуу оорусу менен ооруп калган жок, британдыктардын көбү бул дарттан алыс. Колго жабышкан бактериялар аркылуу ооруга кабылгандардын айынан британ экономикасы бир жылда 1,5 миллиард фунт стерлинг чыгымга учурайт. Британдыктар америкалык, австралиялык жана европалыктарга караганда ич өткөктөн көбүрөөк жапа чегишет.

Харди жакында тааныштары менен тамак ичип көргөн. Алардын көбү ашканага коомдук унаа менен келгенине карабай шап отуруп тамактанып кирген. Саналуу гана адамдар коомдук унаадан түшкөн соң сөзсүз колун жууйт. Эгер сиз чүчкүрүп-бышкырып микроб таратып атсаңыз муну баары байкай салышат. Бирок кол жуубай жүрүү менен ошол эле натыйжага «ыкчам жана ийгиликтүү» жетсе болот деп эсептейт Харди.

## «Тазалык» сүрөтү тазалыктан маанилүү

Учурда, айрыкча, ресторандардын даараткааналарында кол жууганга үндөгөн такталарды көрүүгө болот. Бирок элдин көбү кай жерлерде сайрандап келгени белгисиз экенине карабай, колдорун карап жийиркенүү сезими козголбойт. Биз аларга байыркы ата-бабабыз чымындарга карагандай көңүл кош мамиле кылабыз. Биз «тазалык» сүрөтүн чагылдыруу үчүн дезодорант, ооз чайкоочу суу, сагыздарга эбегейсиз акча коротобуз, бирок саламатта калуубузга эң чоң салым кылчу самын жана сууну көз жаздымда калтырабыз. Өкмөт жийиркенүү сезимин калыптаган кампанияларды уюштурса, акыбал өзгөрөбү? Же назик сезимдерибизге оор келип атат деп аларды жерийбизби?

БИ УИЛСОН,
The Guardian

# Уяхан эргигенде



Уяхан болуп такка отурганы Хахамбай кыларга жумуш таппай эрикчү болду. Ансыз деле жуптaшып, ургаачы алгандан бери өз көйнөгүн өзү жуубай, тамак жасабай калды эле, эми уяхан болгону ого бетер кыларга иши жок калды. Эртең менен турса, көйнөгү даяр. Ашканага кирсе, тамагы даяр. Эшикке чыкса, бут кийими даяр. Боосунан бери байлап беришет. Бирөөгө жолугайын десе, ал ойлонуп бүткүчө тигини чакырып коюшат. Анысы жетип келет. Бир жакка барайын десе айтып оозун жыя электе коңузга көтөрүп барып мингизе коюп жөнөп кетишет. Башкуяда болсо коңуз көп, элдер батпай атат эле дешет, бул чыкканда жолдо бир да коңуз көрүнбөйт. Тим эле килейген даңгыр жолдор мемиреп тыптынч турат. «Элдин баары иштебей эле үйүндө жаткан турбайбы» деп жини келет ошондо. Анан таарынат. Анан капа болот. Анан айласы кеткенде ырдайт. Болду. Башка жумуш жок.

Бир жолу ошентип эригип отурганда колуна бир сүрөт тийип калды. Өзү чыгармачыл кумурска эле, ошондуктан сүрөт-мүрөт көрсө, жакшыраак ыр угуп калса, эригип кетмейи бар. Бул сүрөт да жагып калды. Жанында турган 10 кумурска андагы бул сезимди илгиртпей байкады. Ооба, анын жанында дайыма он кумурска турат. Алардын кечке кылган иши уяхандын абалын билип турмай. Ошондуктан бирөө оң көзүн, бирөө сол көзүн, бирөө оң кулагын, бирөө сол кулагын, бирөө оң мурутун, бирөө сол мурутун, бирөө оң капталын, бирөө сол капталын анан бирөө алдын, бирөө артын көз ирмебей тиктеп турат. Ушунчалык тиктешет дейсиң, уяхан дааратканага баргысы келгенин кээде артын карап тургандагыдан да, алдында көзүн карап турганы тезирээк байкап коёт. А кокус оң муруту кыбыр этип кетчү болсо оң жагындагы кумурска бөлмөнү үч айланып чуркап кетет. Жөн чуркабайт, билет уяханга эмне керек экенин. Ошон үчүн уяхан өзү эч нерсе кылбай эригип отурат да. Мына, ошол сүрөт карап отуруп, эргип кеткенин бир эмес бешөө бирдей байкады. Байкашты да дароо босогодо турган кумурскага белги беришти. Ал эшиктин сыртындагы кумурскага белги берди. Ал наркы чыга беришке босогодо турганга белги берди. Ал андан наркыга белги берди. Ал андан наркыга, ал андан наркыга… Ошентип отуруп жанагы белги Жогорку Данектин тээ артында, качантан бери эч ким эстебей, эч ким менен байланышпай унутулуп калган данекбашка жетти. Ал дароо баштыгын ачып андагы толтура мыйзам-сыйзам жазылган барактарды сапырып жиберип, ичинен өтө аздектеп сакталган сүрөттөрдү сууруп чыкты. Ошону менен жанагы катар кайра артты карай иштеп, жанагы сүрөт колдон-колго өтүп отуруп бир заматта уяхандын алдына келди. Бул убакта уяхан жаңы эле оң колун көтөргөн. Оң жагында былк этпей колун карап турган дароо жанагы сүрөттү алып тууралап туруп, уяханга карматты.

Ох ата! Хахамбай ого бетер эргип эле жатып калды. Муну беркилер дагы илгиртпей байкады. Ал тургай алар эле эмес, тээ тиги босогодо турган кумурска да байкады. Ошол замат ал сырттагыга белги берди. Ал андан наркыга, наркы наркыга берди. Ошентип жанагыдай жүрүп отуруп бул жолу белги Майрамият жана сайраният манекбаштыгына жетти. Жок баса, акыркы убакта бу манекташтыкка укмуштуудай төлгөчүлөр, берки дүйнөнүн майрамдарын бүтүрүп, наркы дүйнөнүн 100 жылдык, 200 жүз жылдык майрамдарына кошулуп, туулган күндөрүн белгилөө боюнча адис болуп бүткөн укмуш төлгөчүлөр отуруп калган. Ошолор биттин чүкөсү менен төлгө салып отуруп эле уяханга азыр эмне керек экенин билип даярданып отурушкан болчу. Жанагы белги берген кумурска босогдон кирери менен төлгөчү манекбаш ага бир баштык толтура тандалган сүрөт карматты. Ошентип көз ирмей электе тилегине жеткен белгичи кумурска жанагы кезмекти артты карай айлантты. Манекбаш берген баштык колдон-колго өтүп отуруп бир заматта Хахамбайдын алдына конду.

– Мына сага! – деп кыйкырып тура калды Шаша. Жанагы он кумурска тим эле чимирик болуп кетти.

– Мына, мобуну шаардын бир жерине илиш керек! – деди Хахамбай. Чынында, бул сөздү айтыштын деле кереги жок болчу. Тигил жакта жайнаган кумурскалар ар кайсы жерге жанагы сүрөттүн көчүрмөсүн даярдап илип жүрүшкөн. Чынында Хахамбай бир эле жерге дегени менен, ал туура кайсы жерди айтканын билишпегендиктен, туш келди бытырата илип ташташты. Бирөө болбосо бирөө туура чыгат деген ишеним болчу бул.

Ошентип сүрөттөр илинип, быжырап жатып калды. Бирок, Хахамбай эртең дагы эмнени көрүп эргип кетет ким билет? Ошондуктан кумурскалар дайыма даяр турушу керек. Балким эртең, балким кечинде, же балким азыр эле ал сүрөттөрдү алып, башканы койгула дээр. Балким, ыр жаздыраар…

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ

# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**

**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Бул унуткарылып калган кезде биздин этегибизге топурак салып берип турган жигит чым сайып жатып жанындагыга кыйгачынан карап коюп:

— Жармадан бир кылт этип алсак кантет? — деди астыртан шыбырап.

— Саатыңды кой айланайын! Бир аяк жарма жутам деп, Чоңколдун камчысын жегидей алым жок,— деп жооп берди берки.

Чоңкол элди ылдамдатып, айдап салды да өзү береги бир эл тегиз көрүнө турган дөңгө түшүп алып, атын бирөөгө карматып коюп тамак ичмек болду. Эки киши таманы жерге тийбей эбелектеп жагынып тамак ташып жүрөт. Өзү кыргыздын тамагына көнүп алган. Алдына килкилдеген козунун эти, кымыз, боорсок дебей жайнап келди. Жалгыз өзү тарпка конгон жорудай ээн-жайлап отуруп алып, элди карап мурутун жерге сылап коюп ширин тамактарга оозун агытып жатат. Мен топурак ташып жүрүп көзүмдүн кыйыгы менен карап коём. Чоңколдун алдында жайнап турган тамактарды көрүп жана кызыктырып жеп жатканына чыдабай шилекейим түшүп кетти. Бешимде Кызыл-Кыянын ары бетин аштык. Бул жакта анчалык көп аң, суу жеген жерлер жок экен. Ошондуктан жолдун ташын гана терип, илгери карай шыдыр жүрүп келебиз. Торгойакун экөөбүз жыңайлак элек, ушул жерге келгенде ташыркап, жадап калдык. Таманыбыз ысып, жерди көргүсү келбейт. Эми мындан ары сүйрөбөсө жүрө алар эмеспиз. Качалы деп акыл кыл.

— Макул,— деп ал менин сөзүмө кошулду. Болжошкон жерге келгенде экөөбүз элдин артында калдык. Эл жайнап, дөңгө чыгып барат, биз эңкейип, жолдун ташын терген болуп элден улам кийинде, калып отурдук. Эл дөңгө жуп чыгып, ары карай ашып кеткен кезде биз ошол кабакты бойлоп, төмөн карай кирип кеттик. Эл көрүнбөй калган. Жүрүп отуруп, көптөн кийин бир тумшуктан айланып келип кайра жолго түштүк.

Ошондон чыгып, күн батаарда Кызыл-Кыянын бери бетине араң эңкейдик. Жолду ката калдырап бараткан киречилер. «Соп-соп» деп кыйкырык-сүрөөн менен кыядан чыга албай жаткан өгүз арабалар…

Ал күнү үйгө жетпей, Кызыл-Кыянын түбүндө бир тааныш үйгө конууга туура келди. Эртеси мындан чыгып келе жатып жолдо Бабайдыкына (орус абышканыкына) тие кетейин деген ой менен барып, так жумуштун үстүнөн чыктым. Бабайдын кемпири короосун күрөп жатыптыр. Мындай учурлар көп туш келе бербейт! Кубанып кеттим. Жумушту көргөн соң баатыр болуп, түз эле короого шып кирип бардым эле, алы кетип, калжырап турган кемпир оюмду түшүнө койгондой күрөгүн мага бере салды. Ал кыргызча, мен орусча жалгыз ооз билбесем да, бири-бирибиздин оюбузду башынан түшүнөбүз. Кем болгондо бир жумадан бери жыйналып жаткан малдын тезегин күрөп болуп, кардымды кампыйтып, көңүлүмдү жайлап алдым да, жалган түштө үйдү карай жол тарттым…

## IX

Кызыл-Кыя — тогуз жолдун тоому. Чыгыш жагы — Каркыра, Жаркент, бери жагы — Каракол, Ысык-Көл. Ошондуктан кайдагы жем издеген Чоңколдой стражник, пристав, песир, бий, болуш дебей кезек-кезек ушунда жыйналып, баш кошуп алып жемге тоюп жата беришчү.

***(уландысы бар)***



# «Кара тизме» жоюлабы?

**Бүгүнкү күндө 119 миң кыргызстандык Орусиянын кара тизмесинде. Адистер алдыда бул сан дагы өсөөрүн айтышууда. Өлкө ЕАЭБке мүчө болгонуна жыл айланганы менен мигранттардын маселеси толук чечилген жок. Тескеричинсе, жаңы көйгөйлөр чыкты. Кара тизме маселесин жөнөкөйлөштүрүү боюнча кыргыз президенти орус кесиптешине кат жолдогону айтылды**


Сүрөт ▸ AFP

Миграция кызматынын маалымат борборунда кара тизмеден чыкканын, же качан чыгарын сурап кезек күткөндөр көп. Айрымдары биринчи жолу келсе, кээ бирөөлөрү бир канча жолу келишкен. Миграция кызматынын маалыматында жыл башынан бери 5 миңден ашык жаран кайрылган. Борбордун кызматкери Махабат Тынарбекованын айтуусунда, былтыртан бери 44 миңдей кыргызстандык жаман тизмеден чыккан. Дагы 75 миңдей мекендешти чыгаруу мүмкүнчүлүгү бар. Бирок миграция мыйзамдарын бузгандар кайра эле ал тизмеге түшө берет. Аны токтотуп коюу мүмкүн эмес. Анткени мыйзам иштеп турганда аны бузгандар кошула берет.

– Миграция мыйзамдарына жана Орусиянын ички талаптарына ылайык аны бузгандар автоматташтырылган бирдиктүү системага түшө берет. Биз айтып жаткан 119 миң кыргызстандык ошол базага киргендер. Алардын көбү Орусия аймагында жүрүшөт. Өлкөдөн чыкса, автоматтык түрдө кайра кире албай калышат. Бир жылда үч ирет административдик тартип бузса, же МАИге кармалса ал бери дегенде 3 жылга федерация аймагына кирүүгө тыюу салынат. Кээ бир оор кылмышка баргандар өмүр бою кире албай калышы мүмкүн. Бул жазанын баары мыйзамдарында каралган", – дейт Махабат Тынарбекова.

Кыргызстан ЕАЭБке кошулгандан кийин мигранттар үчүн Орусияда иштөө кыйла жеңилдеди. Каттоо мөөнөтү жети күндөн 30 күнгө узарды. Жумушка уруксат алуу – патент системасы менен алмашты. Орус тилинен сынак тапшыруу жоюлду. Бирок жаңы көйгөйлөр чыкканын мигранттар менен иштеген "Замандаш" ассоциациясынын Орусия жана Казакстан боюнча координатору Азамат Рахманов белгилейт. Ал каттоого туруу маселеси. Орусияда миграция кызматы жоюлуп, анын укуктары полицияга өттү. Текшерүүлөр токтой элек. Жаңы тартип боюнча мигрант кайсыл жерде катталса, ошол жерде жашап, иштөөсүнө туура келет. Бул тартип сакталбаса ал киши орус мыйзамын бузган болуп эсептелет жана "кара тизмеге" автоматтык түрдө алынат.

– Биздин мекендештердин басымдуусу Москвада жашап, иштешет. Бирок, катталган жерде жашоого жана иштөөгө такыр мүмкүн эмес. Ошондон улам "кара тизме" саны кыскарбай, тескерисинче, өсүп жатат. Атайын фирмалар көп адамдарды бир үйгө каттоого алып берчү. Азыр алардын баары мыйзамсыз деп табылып, чоң кыйынчылык жаралып жатат", – деди Азамат Рахманов.

Жакында эле "кара тизме" маселесин чечүү боюнча президент Алмазбек Атамбаев орус кесиптеши Владимир Путинге кат жибергенин миграция кызматы билдирди. Мамлекет башчынын бул каты көйгөйдү чечүүгө канчалык жардам берери убакыттын иши. Бирок адистер мигранттар маселесин чечүү үчүн өкмөт башчыларынын сүйлөшүүсү зарыл дешет.

## Кеткендер азая элек

"Кара тизме" кыргызстандыктарды Орусияга кирүүгө убактылуу чектегени менен, алардын кайра барып ишин улантуу үмүтүн өчүрө элек. Айрымдары убактысын күтсө, кээ бирлери башка документ жасап, же түрдүү жолдор менен бара берем деп да эки эсе тизмеге илинип жатышат.

Кыйынчылыктарга карабай мектепти бүтүп-бүтпөй Орусиядан бактысын издегендердин катары азайбаганын байкоочулар белгилешет. Кубандырганы – мекендештер кара жумуштан, же көчө шыпырып, ажаткана жуугандан көтөрүлүп, дүкөндөрдө сатуучу же дагы башка жеңилирээк жумуштарга орношууда.

## Кризисби же..?

Ал ортодо Орусиядагы кризиске байланыштуу айлык акы да төмөндөдү. Бул мигранттардын капчыгына да терс таасирин тийгизип, алар өлкөсүнө которгон сумма эки эсеге кыскарды. Улуттук банктын маалыматында, 2014-жылы мигранттар которгон каражат 2 миллиард долларды түзгөн. 2015-жылы болсо бул көрүнүш 1 миллиардга чейин кыскарган. Адистердин айрымдары которулган акчанын азайышын кризиске байланыштырса, дагы башкалары мигранттар тапкан акчасын мекенине которуп гана тим болбой, Орусиянын аймагында чакан ишкерликке жумшап жатканын айтышат.

– Биздин мигранттар тапкан акчасын үй-бүлөсүнө жиберип, же той-топурга салып эле отуруп калбай, каражатын чогултуп, бизнеске салып жатышат. Өзгөчө кызмат көрсөтүү тармагында бизнес ачкандар көбөйдү. Мисалы, тамак-аш сатуучу жайларды ижарага алып иштетип жатышат. Ошондой эле пескоблок чыгаруу, такси кызматтарын түзүү менен аракет кылып жатышат", – дейт "Замандаштын" өкүлү Азамат Рахманов.

Мигранттардын Орусияга инвестиция салуусун өлкөдө бизнес ачуу жеңил жана салык саясаты жөнөкөй экендиги менен түшүндүрүшөт. Ошол эле маалда каражат чогултуп Кыргызстанга да инвестиция салып башташты. Мигранттар алдыдагы 15-20 жылда өз өлкөсүнө инвестиция салууда негизги күчкө айланарын белгилеген адистер азыр алар туш болуп жаткан көйгөйлөргө олуттуу кароо керектигин айтышат.

БУРУЛАЙ ПУСУРМАНКУЛОВА

**25.05.1985-жылы туулган Кыргыз Республикасынын жараны**
**Абдуллаев Бакытбек Кумушбековичтин AN 028 2097** номурлуу **ID картасы** жоголгонуна байланыштуу **жараксыз деп табылсын**

